ТАМШАНДЫРГАН КЫРГЫЗ БАЛЫ

Үстүбүздөгү жылдын 5 айында бал экспорттоо 43%га өскөнүн Улутстатком билдирди. Быйыл январь-май айларында 221 тонна бал экспорттолгон. Былтыр бул аралыктагы көрсөткүч 125,9 тоннаны түзгөн. Кыргыз балы Сауд Арабиясына, Бириккен Араб Эмираттарына, Кувейт, Жапония, Испания, Франция жана АКШ өлкөлөрүнө экспорттолот.

ЖК депутаты Айнура Аскарова: «ЖУРНАЛИСТТЕРДЕН МЫКТЫ ЭЛ ӨКҮЛҮ ЧЫГАТ»

8-БЕТТЕ

Токиодо өтүп жаткан Олимп оюндарында грек-рим күрөшүнүн чебери Акжол Махмудов 77 кг чейинки салмакта финалга чыкты. Бүгүн финалда венгриялык балбан менен күрөшөт. Акжолдун финалга чыкканы куржунубузда алтын же күмүш медалы бар экендигинен кабар берет.



АЗАМАТСЫҢ, АКЖОЛ!

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

WWW.ERKINTOO.KG | Шейшемби, 2021-жылдын 3-августу | №84 (3263)

«ЖЕР-ҮЙ» КЕНИНДЕГИ ТАЛАС АЛТЫН КОМБИНАТЫ БЫЙЫЛ КАНЧА АЛТЫН ӨНДҮРӨТ?

2-БЕТТЕ

ЖЕРГЕБИЗГЕ 1,2 МИЛЛИОН ТУРИСТ КЕЛДИ

Экономика жана финансы министрлигине караштуу Туризм департаментинин директорунун орун басары Кыял Кенжематова соңку алты айдын аралыгында өлкөбүзгө 1,2 миллион турист келгенин билдирди. Алардын бир миллионго жакыны туристтик максатта, 250 миңи жумушуна байланыштуу келген. Мурдагы жылдарга салыштырмалуу Европа өлкөлөрүнөн келгендер көп болууда.

ТӨКМӨ АКЫНДАРДЫН ЭЛ АРАЛЫК АЙТЫШЫ

30-31-август күндөрү Бишкекте XIV Эл аралык айтыш өтөт. Эгемендүүлүктүн 30 жылдыгына арналган ак таңдай акындардын сынагын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги менен Республикалык "Айтыш" коомдук фонду уюштурууда. Кыргыз – казак эл аралык айтышына эки тараптан сегизден акын катышат. Эгемендүүлүк майрамынан тышкары, бул иш-чара аталган фонддун 20 жылдыгына, Көкө уулу Өтө (Жеңижок) акындын 160 жылдыгына жана казак акыны Жамбыл Жабаевдин 175 жылдыгына арналмакчы. Байге фонду 3 миллион сом.

АСКАР АКАЕВ БИШКЕКТЕ

Кыргыз Республикасынын туңгуч президенти Аскар Акаев кечээ Москвадан Бишкекке Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитети (УКМК) тарабынан алынып келинди деген маалымат социалдык тармактарда чоң талкууну жаратты. Акаевдин жакын адамдары ал УКМКнын сунушуна макул болуп, өз эрки менен «Кумтөр» боюнча суроолорго жооп бергени келгенин билдиришти. Эске салсак мурдагы президенттер Акаев, Бакиев жана Атамбаевдерге «Кумтөр» кениндеги коррупциялык фактылары боюнча кылмыш иши козголгон. Аскар Акаев 2005-жылы өлкөдөн чыгып кеткенден бери мекенине келе элек болчу.

КӨҢҮЛ АЙТТЫ

Президент Садыр Жапаров 2-августта Түркиянын Президенти Режеп Тайип Эрдоганга адам өмүрлөрүнө зыян келтирип, оор кесепеттерге алып келген өрт кырсыгына байланыштуу жеке өзүнүн жана кыргыз элинин атынан көңүл айтты.

«Түркиянын бир нече провинциясында чыккан өрттүн себебинен каза болгондор тууралуу кабарды терең кайгыруу менен кабыл алдым. Ушул оор мезгилде Түркия элине табигый кырсыктын кесепеттерин жеңип чыгууда кайраттуулукту жана туруктуулукту каалайм", - деп айтылат көңүл айтуу телеграммасында.

ЖОЛУБУЗ ШЫДЫР БОЛСУН

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Улукбек Марипов 30-июлда Талас облусуна барды.

Таласка бараткан жолунда Улукбек Марипов Бишкек–Ош, Суусамыр–Талас–Тараз жолунун абалын текшерип, жүргүзүлүп жаткан оңдоо иштери менен таанышты. Бишкек–Ош жолунун 132-141-чакырымдагы тилкесинде курулуш иштери жүрүп, 132,5-133-чакырымында асфальт-бетондун биринчи катмарын төшөө менен эски жол тилкесин тегиздөө иши аткарылган.

Өтмөк ашуусундагы Суусамыр–Талас–Тараз жолу оңдоого жана айрым жерлери жамаптүзөөгө муктаж. Министрлер Кабинетинин Төрагасы жол оңдоо иштерин тездетүү жана жол кырсыктарынын алдын алуу боюнча тиешелүү мамлекеттик органдарга тапшырмаларды берди.

ЭКИ ЖУМАЛЫК МӨӨНӨТ БЕРИЛДИ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Улукбек Марипов Талас облусунун жакында сел жүргөн Кара-Буура районуна барды.

Селдин кесепетинен көпүрө жана Кара-Буура – Чаткал жолу, бир турак үй жана жеке балык чарбасы жабыркаган. Улукбек Марипов Транспорт жана коммуникация Министрлигине калыбына келтирүү иштерин эки жуманын ичинде бүтүрүүнү тапшырды. Социалдык объектилерди кыдырып, жергиликтүү жашоочулар менен жолугуп, алар тарабынан көтөрүлгөн көйгөйлүү маселелер боюнча тармактык мамлекеттик органдарга тийиштүү тапшырмаларды берди.

ЖАҢЫ МЭР ШАЙЛАНГАНЧА

Алмаз Мамбетов жаңы мэр шайланганга чейин Ош шаарынын мэринин милдетин аткаруучу болуп дайындалды. Бул туурасындагы буйрукка Министрлер Кабинетинин Төрагасы Улукбек Марипов 2-августта кол койду.

БИЗ ҮЧҮН ЖЕҢҮҮЧҮ ЖАНА БААТЫРСЫЗДАР!

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Улукбек Марипов 2-августта Токио шаарындагы XXXII жайкы Олимпиадалык оюндарга катышып жаткан Кыргыз Республикасынын Олимпиадалык курама командасынын мүчөлөрүнө кайрылды.

"Сиздердин ар бириңиздер – күжүрмөн жоокерсиздер, биз сиздерге ишенип, ар бир жыйынтыкка кубанып турабыз. Сиздер биз үчүн жеңүүчү жана баатырсыздар! Биз сиздердин жеңишке ишенебиз жана бул таймаштарда Кыргыз Республикасынын желеги дагы да желбирейт деп үмүттөнөбүз!», – деди Улукбек Марипов кайрылуусунда.

САПАТСЫЗ КУРУЛУШ

Талас районундагы Көк-Кашат айылындагы мектептин абалы боюнча жарандардан кайрылуулар түшкөн. Министрлер Кабинетинин Төрагасы Улукбек Марипов Көк-Кашат айылындагы Атай Огонбаев атындагы мектептин абалы менен жеринде таанышты.

2015-жылы эле курулган мектеп имаратынын спорттук залынын полу чирип кеткен, жылытуу тутуму начар иштейт.

Улукбек Марипов кызматтык иликтөө өткөрүүнү жана күнөөлүүлөрдү жоопкерчиликке тартууну айтып, мектепти жаңы окуу жылына даярдоону тапшырды.

Белгилей керсек, 375 орундуу мектепте 2015-жылы жаңы окуу имараттары, спорттук зал жана галерея, от казан курулуп, инженердик тармактар орнотулган.

ШЕКЕРДЕГИ "ЧЫҢГЫЗ-ОРДО"

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Улукбек Марипов 31-июлда Талас облусундагы иш сапарында Шекер айылындагы «Чыңгыз-Ордо» тарыхый-маданий комплексинин курулушу менен таанышты.

Бүгүнкү күндө арка жана тышкы жарыктандыруу устундары орнотулуп, унаа токтотуучу жайдын жана стелланын курулушу жүрүүдө, Жер-Эне объектисинде бетондоо иштери, граниттик плиталар менен жылмалоо иштери бүткөн.

Улукбек Марипов Министрлер Кабинети келерки жылы курулушту улантуу үчүн калган сумманы бөлүү маселесин карай турганын билдирип, долбоордун маанилүүлүгүн белгиледи.

"ЖЕР-ҮЙДӨН" САЛЫМ

Улукбек Марипов Талас облусуна сапарын "Жер-Үй" алтын кениндеги Талас алтын комбинатынын иши менен таанышуудан баштады.

Министрлер Кабинетинин Төрагасына "Алтын Альянс» компаниясынын кызматкерлери алтындын электролизи жана эритүү процессин көрсөтүшүп, Улукбек Марипов 25 килограммдан ашуун алтын куймасын алууга күбө болду. Бүгүнкү күнгө чейин 1086 кг алтын өндүрүлүп, 940 кг тазаланган алтын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан сатылган. Жыл аягына чейин 2300 кг алтын өндүрүү пландалууда.

Улукбек Марипов калдык сактоочу жайдын абалын текшерип, экологиялык коопсуздук маселеси артыкчылыктуу болуп саналарын жана өзгөчө көзөмөлдө болорун белгиледи.

ШАШЫЛЫШ ЧАРА

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Улукбек Марипов 30-июлда Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаарындагы жана Тоң, Жети-Өгүз райондорунда болгон селдин кесепеттерин жоюу боюнча шашылыш чараларды ишке ашырууну тийиштүү мамлекеттик органдарга тапшырды.

Эске салсак, Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаарында жана Тоң, Жети-Өгүз райондорунда катуу жааган жаан-чачындын кесепетинен улам орун алган өзгөчө кырдаалдын натыйжасында сел жүрүп, турак жайлар талкаланып, айрым тилкелерде жолдор жуулган, көпүрөлөр жана башка курулуштар бузулган.

ӨНӨКТӨШТӨРДӨН ЖАРДАМ

COVAX механизми алкагында 30-июлда өлкөбүзгө коронавирус инфекциясына каршы AstraZeneca вакцинасынын 226 миң 560 дозадан турган биринчи партиясы келди.

Министрлер Кабинетинин төрагасынын орун басары Жылдыз Бакашова жүктү кабыл алуу учурунда өнүктүрүү боюнча өнөктөштөргө жана COVAX механизмине катышкан өлкөлөрдүн Кыргыз Республикасындагы дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнө акысыз көрсөтүлгөн көмөгү үчүн ыраазычылык билдирди.

ВАКЦИНА - ВИРУСТАН САКТАНУУ ЧАРАСЫ

Өлкөбүзгө 1-августта 1 млн 250 миң доза өлчөмүндөгү коронавирус инфекциясына каршы Sinopharm вакцинасынын жаңы партиясы алынып келинди. Вакцина сатып алуу үчүн каражат республикалык бюджеттен бөлүнгөн.

Белгилей кетсек, июль айынын башында республиканын жетекчилигинин тапшырмасы боюнча 1 млн 100 миң доза кытай вакцинасы сатылып алынган. Жалпысынан бүгүнкү күндө 2 млн 350 миң доза сатылып алынды.

Министрлер Кабинети жарандарды өзүн жана жакын адамдарын сактанып, коронавируска каршы вакцина алууга чакырат.

Даярдаган Бегим ТУРДАЛИЕВА

Экономикага серep

ӨКМӨТ ЭКОНОМИКАГА ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛ КИРГИЗҮҮНҮ СУНУШТАДЫ. АЛ ЭМНЕ ҮЧҮН КЕРЕК?

Жогорку Кеңеш эмгек өргүүсүнүн алдында көптөгөн мыйзам долбоорлорун карап чыгып, колдоп берди. Алардын арасында өзгөчө талкуу жараткан «Экономикалык өзгөчө кырдаал жөнүндө» мыйзам долбоору үч окууда жактырылды. Долбоордун демилгечиси — Министрлер Кабинети. Долбоорго ылайык экономикалык өзгөчө кырдаал өлкөнүн экономикасында төмөндөгүдөй абал жаралганда жарыяланат:

- *Өткөн айга салыштырмалуу керектөө бааларынын индексинин өсүшү үч ай катары менен орточо 3,5%га жогоруласа;*
- *Ички дүң продукциянын көлөмү мамлекеттик карыздын суммасы белгиленген чектен 10%га ашып кетсе;*
- *Үч айдын ичинде ички дүң продукциясын түзүүчү экономика тармактарынын индекси 10%га кыскарса;*
- *Үч айдын ичинде тышкы соода жүгүртүү 10%га кыскарса;*
- *Салык төлөмдөрүнүн көлөмү 10%га азайып кетсе;*
- *Инвестициялык климат кескин начарлап, 3 айда чет өлкөгө чыгып кеткен инвестиция 20%га өсүп кетсе.*

Мындай шарттарда мамлекеттин экономикасына өзгөчө кырдаал киргизүүнү Экономика жана финансы министрлиги Министрлер Кабинетине сунуштайт.

Өкмөт 7 күндүн ичинде бул сунушту мамлекет башчысынын кароосуна жиберет.

Эгерде Президент тарабынан долбоорго кол коюлса, ал күчүнө кирет. Мыйзам долбоорунда белгиленгендей экономикадагы өзгөчө кырдаал режиминин мөөнөтү алты айга созулат. Бул учурда Министрлер Кабинети салыктардын ставкасын өзгөртүүгө жана зарыл учурда бюджетти Жогорку Кеңештин макулдугу жок эле бөлүштүрүү укугуна ээ болот.

Министрлер Кабинетинин төрагасынын орун басары, экономика жана финансы министри
Акылбек ЖАПАРОВ:

- Кыргыз Республикасында COVID-19 илдети менен күрөшүүнүн жыйынтыгында былтыр биздин экономиканын темпи болуп көрбөгөндөй төмөндөп кетти. Кыргыз Республикасы башынан 3 революцияны өткөргөнүнө карабай, 1990-жылдардан бери өлкөнүн экономикасы мынчалык төмөн деңгээлге түшкөн эмес. Былтыр чек аралар жабылып, сырттан тамак-аш, сырьё кирбей калгандыктан азык-түлүктүн баасы абдан өстү. Дүйнөлүк биржада мунайдын баасы, доллардын наркы өстү. Мунун баары экономикага кедергисин тийгизүүдө. Ошондуктан, быйыл дагы мамлекет ушундай коркунучта тургандыктан, Өкмөт "Экономикалык өзгөчө кырдаалдар чөйрөсүндөгү" айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзамдарды киргизүү керек деп эсептейбиз. Ал кырдаалга ыкчам жооп кайтаруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү биздин колубузга берет.

Жогорку Кеңештин депутаты
Үмбетаалы КЫДЫРАЛИЕВ:

- Акыркы 2 жылда азык-түлүккө болгон баа кымбаттады деп айтып эле жатабыз. Мындай көрүнүшкө оперативдүү түрдө эффективдүү бөгөт коюш үчүн бул мыйзам керек. Өкмөт Жогорку Кеңешке көп маселелерди алып келип, аларды парламент карап чыгып кабыл алганча убакыт созулуп кетип, анын негизинде ратификация кылынган көп маселелер чечилбей калды. Учурда экономикадагы кырдаал оор. Андыктан, Министрлер Кабинети кайсы жерде кандай коркунуч бар болсо, ыкчам чараларды көрүүсү керек.

Жогорку Кеңештин депутаты
Дастан БЕКЕШЕВ:

- Өкмөт өзү каалагандай салыктык ставкаларды өзгөртө берсе, бул мамлекетте туруктуулукту, тең салмактуулукту бузат. Эгерде ишкерлер салыкты өз убагында төлөбөсө, аларга башкача чаралар көрүлүшү керек эле. Андыктан, салыктык ставкаларды өзгөртүү укугу Жогорку Кеңеште калышы керек.

Экономика илимдеринин доктору, профессор
Айылчы САРЫБАЕВ:

- Өлкөдө күндөн-күнгө тамак-ашка болгон баалар кымбаттап, экономика оор абалга кептелип турганы жалаң гана пандемиядан эмес. Үстүбүздөгү жылы Баткен облусунда болгон кыргыз-тажик чек арасындагы жаңжал да кесепетин тийгизди. Сугат суусунун тартыштыгынан айылдагы эгин айдалган сугат жерлер гана эмес, Бишкектеги бак-дарактардан бери куурап калды. Андыктан, быйыл эгин, тоюттун тартыштыгы эмитеден эле байкалып, баары биригип экономикага залакасын тийгизип жатат. Учурда мындай оор кырдаал жеке гана Кыргыз Республикасында эмес, башка мамлекеттерде да, бизге кошуна өлкөлөрдө да байкалууда. Алар бизге мурункудай жардам бермек тургай, азыр өз айлаларын таппай турган учуру. Мисалы, Өзбекстан менен Тажикстан өз өлкөсүнө Ооган согушунун кедергиси тийип калабы деп чочулап турушат. Андан тышкары, Орусиядагы пандемиянын кесепетинен келип чыккан кыйынчылыктар ал өлкөдө иштеген биздин миңдеген мекендештерибизге да терс таасирин берди. Мына ушунун баары биригип өлкөнүн экономикасында чоң көйгөй жаратты.

Учурда азыркы Президентке, Өкмөткө да оор. Себеби, ушундай оор кырдаалда мамлекеттин жоопкерчилигин тартуу да оңой иш эмес. Ошол себептен, Өкмөт Акылбек Жапаров сунуштаган демилгени жана жаралган көйгөйлөрдү талдап чыгып, экономикабызды бүгүнкү оор абалдан кантип алып чыгуунун айласын таппаса, тамак-аш тартыштыгы мындан ары да оорлошуп, өлкө мындан да оор кризиске кептелиши мүмкүн.

Бизнес-Акыйкатчы
Робин ОРД-СМИТ:

- Бул мыйзам долбооруна биздин алгачкы баа берүүбүздө ишкердиктин субъекттерине жана жалпы өлкө экономикасына терс таасирин тийгизиши мүмкүн болгон айрым жагдайлар аныкталды. Мисалы, Министрлер Кабинети тарабынан салык ставкаларын, салык администрациясынын жол-жоболорун өзгөртүү, ошондой эле салык төлөөчүлөр үчүн кошумча милдеттенмелерди киргизүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө сунушталып жаткан чаралардын ачык-айкындуулугу жана негиздүүлүгү суроолорду жаратат. Андыктан, мен жана менин кесиптештерим бул мыйзамды кылдаттык менен изилдеп, өз ыйгарым укуктарыма ылайык мамлекеттик органдарга сунуштарыбызды жөнөтөбүз. Учурда бизнеске болгон ишенимди арттыруу жана экономиканы калыбына келтирүүгө жетишүү үчүн мамлекет менен бизнес коомчулугунун ортосунда туруктуу диалог жана өнөктөштүк талап кылынат. Анын ичинде бизнес чөйрөсүнө жана инвестициялык климатка түздөн-түз таасир этүүчү мыйзам чыгаруу демилгелери коомдук талкууну талап кылат.

Альбина МЕТЕРОВА

Эсеп-кысап

Башталган иштин аягы жакшы

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматы 2021-жылдын 1-январынан тартып чек аралардагы "Чалдыбар", "Ак-Тилек", "Ак-Жол", "Чоң-Капка" товарларды эсепке алуу пункттарында, "Аламүдүн", "Кара-Балта", "Бишкек-1", "Кара-Суу" темир жол станцияларында, "Манас" жана "Ош" аэропортторунда ЕАЭБге мүчө өлкөлөрүнөн Кыргыз Республикасынын аймагына ташылып келген товарларды эсепке алууда "Жыйынды пост" (жаңы электрондук отчеттор, электрондук патент, программалык кассалык аппараттар ж.б.) автоматташтырылган маалыматтык системасын пайдалануу.

Мындан улам, "Башталган иштин аягы жакшы" демекчи, "Жыйынды пост" автоматташтырылган маалыматтык системасы ишке киргенден баштап 2021-жылдын 15-июлуна карата импорттоочулар товарларды эсепке алуу пункттарына 102 миң 11 коштомо кагазды көрсөтүштү.

Анын ичинен 88 миң 938 коштомо кагаз – автотранспорт менен келген товарлар, 10 миң 177 коштомо кагаз – темир жол транспорту менен келген товарлар жана 2 миң 896 – аба транспорту менен алып келинген товарлар.

2020-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу автотранспорт менен ташып келинген коштомо кагаздардын саны 32 миң 307ге көбөйгөн.

Замандын талабына жараша "Жыйынды пост" сыяктуу автоматташтырылган маалыматтык системанын иштеп турганы өлкөнүн экономикасына оң таасирин берет. Ошондой эле, бул ыкма менен өлкөнүн салыкчыларынын эсеп-кысабында да ачык-айкындуулук болоору анык.

Жазгүл КАРБОСОВА

ИНСАНДЫН РУХАНИЙ-АДЕП-АХЛАКТЫК ӨНҮГҮҮСҮ ЖАНА ДЕНЕ ТАРБИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ КОНЦЕПЦИЯНЫ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Жарандарды руханий-адеп-ахлактык тарбиялоонун сапатын мындан ары жакшыртуу, элдик каада-салттарды кайра жандандыруу, руханий жактан бай жана адеп-ахлактуу инсанды калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү максатында жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66 жана 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

1. 2021-2026-жылдарга инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепция (мындан ары - Концепция) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

- үч айлык мөөнөттө Концепцияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планын иштеп чыксын жана бекитсин;
- Концепцияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планын аткарууну финансылык камсыз кылуу боюнча зарыл чараларды көрсүн;
- жалпыга маалымдоо каражаттары жана жарандык коомдун институттары менен өз ара аракеттенип, Концепциянын негизги жоболору жана аны ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө жарандарга, коомдук жана башка уюмдарга, спорт жана дене тарбия мекемелерине кеңири маалымат берүүнү камсыз кылсын.

3. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын жарандык коомдун институттары менен өз ара аракеттенүү, дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча бөлүмүнө жүктөлсүн.

4. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2021-жылдын 24-июлу, ПЖ №313

Тиркеме

ИНСАНДЫН РУХАНИЙ-АДЕП-АХЛАКТЫК ӨНҮГҮҮСҮ ЖАНА ДЕНЕ ТАРБИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ КОНЦЕПЦИЯ

I. Киришүү

Кыргыз Республикасы суверендүү мамлекет катары өзүнүн өнүгүү жолунда эл бийлиги принциптерине негизделген коомду курууда олуттуу социалдык-экономикалык кыйынчылыктарга туш болууда.

XX кылымдын аягында мурдагы СССР республикаларынын көз карандысыздыкка ээ болушу жаңы саясий жана социалдык-экономикалык түзүлүштү орнотууга, ошондой эле адамдардын аң-сезиминин жана алардын руханий-адеп-ахлактык баалуулуктарынын олуттуу өзгөрүүлөрүнө алып келди.

Динамикалуу өнүгүп жаткан глобалдашуу мезгилинде коомдогу жагымдуу өзгөрүүлөр менен катар адамдардын кулк-мүнөзүндө, аң-сезиминде, руханий дүйнөсүндө жана жүрүм-турумунда жагымсыз көрүнүштөр да пайда болду.

Баалуулуктун багыттарынын алмашуусу элдин салттуу баалуулуктарынын маанилүүлүгүн аңдап түшүнүү, муундан-муунга өтүп келген мурасты сактоо жана өнүктүрүү зарылдыгын шарттады.

Мамлекет өзүнүн жарандарынын келечек муундарын социалдаштырууда улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын бирдиктүүлүгүн жетекчиликке алуусу максатка ылайык. Адам укугу, анын эркиндиги, милдеттери жана жоопкерчилиги ар бир коомдо жогорку баалуулуктар болуп эсептелет. Мында жеке кызыкчылыктын үстүнөн коомдук жана мамлекеттик кызыкчылык, алардын каршы коюлбай тургандыгы артыкчылыкта турат.

Элдин маалымдар болуусунун, дүйнө таануусунун жана аңсезиминин тез өзгөрүүсүнүн шартында өлкөнүн жарандарын улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде тарбиялоо, улуттук жана жарандык бирдейликти, жарандык маданиятты түзүү маанилүү.

Мамлекет жарандарды элдин салттуу баалуулуктарына жана алардын дүйнөлүк инновацияларга умтулуусуна, Мекенди, элди, кыргыздын баатырдык "Манас" эпосун жана башка адеп-ахлактык баалуулуктарды, кылымдан келе жаткан каада-салттарды тереңден таанып билүүгө жана сүйүүгө үйрөтүүгө өзгөчө көңүл бурат. Бардык окуу-тарбия берүү мекемелери жана уюмдары бул багытта активдүү иш жүргүзүүгө тийиш.

II. Концепцияда колдонулуучу түшүнүктөр жана терминдер

Бул Концепцияда төмөнкүдөй терминдер колдонулат:

жарандык маданият – жарандардын жарандык милдетти түшүнүүсүндө, коомдун саясий системасына, саясий лидерлерге болгон сый мамилесинде жана бир эле убакта алардан көз каранды эместигинде көрүнүп турган саясий маданиятынын деңгээли;

жарандык бирдейлик - жарандык жалпылыктын жамааттык субъект катары аракеттенүүсүнө мүмкүндүк берүүчү мамлекеттин жарандарынын жалпылыкка тиешелүүлүгүнүн жеке сезими;

руханий-адеп-ахлактык баалуулуктар - адамдардын бири-бирине, үй-бүлөгө жана коомго болгон мамилелериндеги мээримдүүлүк жана кастык, жалган жана чындык критерийлерине негизделген негиз болуучу ченемдер жана принциптер;

материалдык кызыкчылык - буюм түрүндөгү пайдаларга умтулуу;

дүйнөлүк экологиялык маданият - жалпы адамзаттык маданияттын бөлүгү, адам менен жаратылыштын өз ара мамилелерине тиешелүү болгон социалдык мамилелердин, коомдук жана жеке моралдык-этикалык ченемдердин, көз караштардын, көрсөтмөлөрдүн жана баалуулуктардын системасы; адамзат коому менен курчап турган жаратылыш чөйрөсүнүн бирге болуусунун гармониялуулугу;

дүйнө таануу - жаратылышка, социумга жана адамга, курчап турган жашоого жана адамдын өзүнүн ушул системадагы ордуна болгон көз караштардын системасы. Дүйнө таануу баалуулуктар системасы, конкреттүү инсандын идеалдары жана белгилүү социалдык топ аркылуу түшүндүрүлөт;

эл (улут) - мамлекеттин калкы, өлкөнүн туруктуу жашоочулары;

улуттук бирдейлик - белгилүү бир улутка (эл, этностук топ) тиешелүү болгон адамдардын анын идеалдарын, маданий ченемдерин жана салттарын, ошондой эле жалпы көп улуттуу социумдагы өзүнүн улутунун абалын аңдап түшүнүүсү;

улуттук аң-сезим - улуттун же этностун өкүлдөрүнүн ой жүгүртүүлөрүнүн, салттарынын жана түшүнүктөрүнүн жыйындысы, алар адамдардын бул жалпылыгын бүтүн катары элестетүүгө жана ар бир индивидди бул социалдык бүтүндүккө кошууга мүмкүндүк берет;

улуттук баалуулуктар - белгилүү бир элдин улуттук салттары, үрп-адаттары, маданияты жана искусствосу;

жалпы адамзаттык баалуулуктар - социалдык абалына, улутуна, динге болгон ишенимине, билимине жана курагына, жынысына ж.б. карабастан адамдардын жашоосунда артыкчылыктуу мааниге ээ болгон идеалдардын, принциптердин, адеп-ахлактык ченемдердин, укуктардын жыйындысы;

салттуу маданият - элдин үрп-адаттарын, жашоо образын чагылдырган, ошондой эле эл узак убакыт бою түзүп келген жана өткөрүп берген маданияттын белгилүү формасы;

этнос - адамдардын тарыхый калыптанган, социалдык бүтүндүккө жана жүрүм-турумдун өзгөчө-жеке стереотибине ээ болгон бирдейлиги (эл, улут).

III. Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепциянын негизги принциптери

Ушул Концепциянын алкагында аныкталган багыттар боюнча иштелип чыккан бардык программалар төмөнкүдөй принциптерге шайкеш келиши керек:

- руханий-адеп-ахлактык тарбиялоо элдин салттуу баалуулуктарына, билимине жана тажрыйбасына, ошондой эле жалпы адамзаттык баалуулуктарга негизделет;
- бирдей руханий-адеп-ахлактык жана дене тарбиялык өнүгүү;
- ар-намыс жана аброй, Мекенге жана элге кызмат кылуу - эң жогорку баалуулуктар;
- материалдык кызыкчылыктарларга караганда руханий-адеп-ахлактык баалуулуктардын артыкчылыгы;
- үй-бүлө, татыктуу тарбия жана сапаттуу билим берүү - руханий-адеп-ахлактык жана дене тарбиялык өнүгүүнүн негизи;
- боорукердик, кайрымдуулук, айкөлдүк, адилеттүүлүк - инсандын адеп-ахлактуулугунун негизи.

IV. Концепциянын максаты, милдеттери жана багыттары

Концепциянын максаты - ар тараптуу өнүккөн, өз элинин руханий-адеп-ахлактык жана маданий баалуулуктарын терең сиңирген, эне тилин негизги баалуулук катары сыйлаган, билимдүү, жоопкерчиликтүү, дени сак, мекенчил, татыктуу инсанды калыптандыруу.

Концепциянын милдеттери:

- Кыргызстандын элин, айрыкча өсүп келе жаткан муунду мамлекеттин бүтүндүгүн сактоого жана маалыматтык коопсуздукту камсыз кылууга, улуттук дөөлөттү, салттуу жана жалпы адамзаттык руханий-адеп-ахлактык баалуулуктарды сактоого, сергек жашоо мүнөзүн жүргүзүүгө, ак ниет эмгекке, укуктук, экологиялык жана эстетикалык тарбия алууга багыттоо;
- мамлекеттик жана эне тилге аяр мамиле кылуу, жарандык коомдун өнүктүрүү процессине шайкеш келүү жана мекенчилдик сыяктуу коомдук жүрүм-турум ченемдерин мыйзам ченемдүүлүккө айландыруу.

4.1 Үй-бүлө – инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүнүн пайдубалы

Үй-бүлөнүн жана ата-энанин жаш муундун алдындагы негизги милдети – терең жана ар тараптуу руханий-адеп-ахлактык негиздерди түптөө жана аныктамекенчилди тарбиялоо.

Социалдык-экономикалык жана саясий көйгөйлөргө, жумушсуздукка, ички жана тышкы миграциянын өсүшүнө ж.б. карабастан, үй-бүлө, ата-эне өсүп келе жаткан муунга сергек жашоо мүнөзүн жана сапаттуу билим алууну камсыз кылууга, бекем руханий-адеп-ахлактык негиздерди жана эмгек көндүмдөрүн түптөөгө милдеттүү. Жаштардын коомдун өнүгүшүнө ылайык келген технологиялык көндүмдөрдү өздөштүрүүсү, руханий жактан бай, эркин, адеп-ахлактык муунду калыптандыруу үчүн шарттарды түзүү. Жарандык жана мекенчил аң-сезимди калыптандыруу үчүн коом, салттуу үй-бүлө, ар бир ата-эне балдарды өзүнүн үлгүлүү жүрүм-туруму, камкордук көрүүсү жана көңүл буруусу менен тарбиялоосу маанилүү.

Мамлекет ата-энелерге ар тараптан колдоо көрсөтүүгө жана үй-бүлөнүн бүтүндүгүнө кам көрүүгө милдеттүү.

4.2 Татыктуу тарбия жана сапаттуу билим берүү - инсандын өнүгүүсүнүн негизи

Билим берүү системасынын бардык деңгээли, этнопедагогиканы кошуп алганда - инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн тарбиялоонун негизи. Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү боюнча педагогдордун жана устаттардын иши ак ниеттүү, жоопкерчиликтүү жана жогорку кесиптик деңгээлде ишке ашырылууга тийиш. Ар бир инсан өзүнүн дүйнө таанымына жана жеке жөндөмдөрүнө ылайык өнүгүүгө тийиш.

4.3 Дене тарбия жана спорт - ден соолуктун негизи

Мамлекеттин жана коомдун маанилүү милдети болуп ар бир адамдын жана бүтүндөй улуттун саламаттыгы жөнүндө кам көрүү саналат. Артыкчылыктуу багыттардын бири - агартуу аркылуу улуттун саламаттыгын жана генофондун бекемдөө.

Күнүмдүк жашоонун ажырагыс бөлүгү катары спортко тартуу менен бирге адамдарда сергек жашоо мүнөзүнө умтулууну калыптандыруу зарыл.

4.4 Эмгекке тарбиялоо

Коом жана мамлекет ак ниет жана талыкпаган эмгек -бакубаттыктын жана байлыктын булагы экендигин ар бир жарандын түшүнүүсү жана күнүмдүк жашоосунда аны кармануусу жөнүндө кам көрүүгө тийиш. Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүнүн кыймылдаткыч күчү болуп жан дили менен иштөө жана өзүнүн ички дараметин ачуу эсептелет. Эң коркунучтуу, коомду жаман жолго салган көрүнүш - жеке кызыкчылыктарды гана канаатандырууну көздөгөн жалкоолук, коррупция жана өзүмчүлдүк.

Бардык коомдук институттар, өзгөчө үй-бүлө, ошондой эле тарбия берүүчү жана билим берүүчү мекемелер жана уюмдар азыркы дүйнөлүк коомчулуктун IT-технологияларды өздөштүрүүгө, илимий-техникалык сабактарды жана креативдик индустрияны өнүктүрүүгө көңүл топтоосун эске алуу менен чыгармачылык, жаратмандык эмгекти өнүктүрүү аркылуу өсүп келе жаткан муунду материалдык көз карандысыздыкка жетишүүгө багыттоого жана окутууга тийиш.

4.5 Эстетикалык тарбиялоо

Эстетикалык тарбиялоо - инсанда эстетикалык аң-сезимди, көркөм-эстетикалык сезимди, курчап турган жаратылыштагы, күнүмдүк турмуштагы, маданияттагы, искусстводогу ажайып кооздукту кабылдоо жана баалоо жөндөмүн калыптандыруу;

Кеңири коомчулукту элдик каада-салттын эстетикасы жана сулуулугу менен тааныштыруу жана аларды баалай билүүгө тарбиялоо -учурдун талабы. Ошондой эле мамлекеттин жана коомдун күч-аракетин элибиздин салттуу баалуулуктарын ЮНЕСКОнун материалдык эмес маданий мурастарынын тизмесине киргизүүгө багыттоо зарыл.

4.6 Улуттук жана жалпы адамзаттык руханий жана маданий-адеп-ахлактык баалуулуктарды жактоо духунда тарбиялоо

Бүткүл коомдун руханий байлыгынын ченеми болуп элибизге мүнөздүү болгон меймандостук, объективдүүлүк, чынчылдык, калыстык, айкөлдүк, берешендик, сараң эместик, чыдамкайлык, кечиримдүүлүк, мээримдүүлүк, боорукердик, патриоттуулук сыяктуу баалуу сапаттар саналат.

Юридикалык укуктун ченемдерине ылайык жана дин тутууну эске алып коомдун өнүгүүсүнүн заманбап шарттарына карата социалдык мамилелерди жөнгө салуунун салттуу ыкмаларынын дүйнөлүк тажрыйбасына таануу менен адаптация болуу - азыркы учурдун талабы.

Көөнөрбөс руханий мурас жана элдин адеп-ахлактык баалуулуктары тарбиялоонун жана билимдин казынасы болуп саналат.

Адамзаттын өнүгүүсү үчүн маданияттын көп түрдүүлүгү жана өз ара аракеттенүүсү зарыл. Инсандын динамикалуу өнүгүүсүнүн шарттары болуп жаш муундун дүйнөлүк маданияттын алдыңкы тажрыйбаларын кабылдоосу, жүрүм-турумдун эл аралык ченемдерин колдонуусу жана коммуникативдик көндүмдөргө ээ болуусу саналат.

4.7 Тилге урматтоо менен мамиле кылуу жана аны өнүктүрүү Этностун аныктоочу белгиси эне тил болуп саналат

Мамлекеттик тил - жарандык коомду куруунун, этностор ортосундагы кызматташтыкты жана мамилелерди өнүктүрүүнүн каражаты болуп саналат.

Бардык этностордун өкүлдөрүнүн мамлекеттик жана эне тилди билүүсү, бул тилдерде сабаттуу сүйлөй жана жаза билүүсү - ар бир жарандын атуулдук милдети жана анын маданиятынын көрсөткүчү.

Ошону менен бирге расмий жана дүйнөлүк тилдерди окуп-үйрөнүү, аларды күнүмдүк турмушта колдонуу ар бир жарандын жана жалпысынан коомдун өнүгүүсү үчүн зарыл.

4.8 Экологиялык тарбиялоо

Жаратылышка аяр мамиле кылуу — элдин кылымдардан бери келе жаткан салты жана адамдын адеп-ахлактуулугунун белгилеринин бири болун саналат. Ар бир муундун милдети - айлана-чөйрөгө зыян келтирбестен, жаратылыш байлыктарын сарамжалдуу пайдалануу жана кийинки муунга өткөрүп берүү. Элдин бай турмуштук тажрыйбасына жана дүйнөлүк экологиялык маданиятка жетүүгө таянуу менен тарбиялоо иши - жаратылыш менен гармонияда жашоонун кепилдиги.

4.9. Укуктук маданиятка тарбиялоо

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын негизги ченемдери жарандын укуктары, эркиндиги жана милдеттери болуп саналат. Инсандын эркиндиги жана жоопкерчилиги эң жогорку баалуулук катары коомдун көңүл чордонунда болууга тийиш. Адамдын укуктары жана эркиндиги, алардын кепилдиктери мамлекеттин ишинин багыттарын аныктайт.

4.10 Жарандык өнүгүү жана патриоттуулукка тарбиялоо

Өлкөнүн ар бир жаранынын укуктарын жана эркиндигин коргоо, мыйзамды сыйлоо, үлгүлүү жүрүм-турум, улуттук рухка шайкеш келген жалпы адамзаттык маданияттын элементтерин өздөштүрүү, өзүн-өзү сын көз караш менен кароо, инновацияларга умтулуу - патриоттук тарбиялоонун жана жарандык өнүгүүнүн негизги багыттары.

Мамлекеттин коопсуздугунун, туруктуулугунун жана бакубаттуулугунун булактарынын бири өлкөдө этностор аралык ынтымакка, укукка жана маданиятка өз ара сый-урмат менен мамиле кылууга жетишүү болуп саналат.

4.11 Кыргыз мамлекетинин бүтүндүгүн сактоо

Кыргыз мамлекетинин бүтүндүгүн сактоо, элдин биримдигин бекемдөө, Ата мекендин эгемендигин коргоо, "элдин кызыкчылыгы бардыгынан жогору" принцибин кармануу, өз элинин тарыхына жана маданиятына аяр мамиле кылуу, бабалардын басып өткөн баатырдык жолуна патриоттуулук жана улуттук сыймыктануу сезимин тарбиялоо -руханий-адеп-ахлактык тарбиялоонун негизги максаты болуп саналат.

V. Концепцияны ишке ашыруу жолдору

5.1 Тарбиялоо – бүткүл коомдун милдети

Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү үчүн бул ишке коомдук уюмдарды, жалпыга маалымдоо каражаттарын, илимий-изилдөө-мекемелерин тартуу менен Концепциянын негизинде мамлекеттик органдардын, бардык окутуу-тарбиялоо мекемелеринин иш-аракеттеринин бирдиктүү планын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга жооптуу жана чыгармачыл мамиле жасоо зарыл.

5.2 Тарбиялоонун ыкмалары жана формалары

Тарбиялоо - бул чыгармачыл жана салттуу формалардан жана методдордон турган максатка багытталган, жооптуу процесс. Тарбиялоо ишинде максаттуу натыйжаларга жетишүү үчүн дүйнөлүк практикада апробацияланган төмөнкүдөй ар кандай формаларды пайдалануу зарыл: массалык, топтук жана жеке.

5.3 Концепцияны ишке ашыруунун шарттары

Инсанды тарбиялоо процесси коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө жүргүзүлүүгө тийиш. Инсанды руханий-адеп-ахлактык жактан тарбиялоо үчүн өбөлгөлөрдү түзүүгө адамдарга коом тарабынан алардын эмгекчилдиги, ак ниеттүүлүгү, жоопкерчиликтүүлүгү, патриоттуулугу үчүн сыйлоо, ошондой эле мыйзамга каршы иш-аракеттери үчүн жазалоо мисалдары мүмкүндүк түзөт.

Мамлекет инсандын руханий-адеп-ахлактык ийгиликтүү өнүгүүсү жана дене тарбиясы үчүн тийиштүү шарттарды түзүшү керек. Тарбиялоо процесси зарыл болгон материалдык, экономикалык ресурстар, окуу-методикалык комплекстер, педагог-тарбиячылардын жана устаттардын эмгегин өбөлгөлөө механизмдери менен бекемделиши зарыл.

VI. Тарбиялоонун натыйжалары

Руханий-адеп-ахлактык тарбиялоонун натыйжасы болуп мамлекеттин бүтүндүгүн жана анын кызыкчылыктарын өзүнүкүнөн жогору койгон, терең билимге ээ, өз элинин тарыхы, ата-бабалардын басып өткөн баатырдык жолу менен сыймыктанган, элдин биримдүүлүк жана ынтымактуулук идеяларына берилген, эне тилин сүйгөн, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды кадырлоочу адам эсептелет.

Бул мыйзамды, адамдын укугун жана эркиндигин сыйлоочу, дүйнөлүк маданияттын эң мыкты үлгүлөрүн сиңирген, өзүнө сын көз караш менен караган, инновацияларга умтулган, жоопкерчиликтүү жана саламаттыгы чың адам.

VII. Каржылоо булактары

1. Республикалык бюджет.
2. Жергиликтүү бюджеттер.
3. Атайын каражаттар.
4. Демөөрчүлөрдүн каражаты.
5. Коомдук фонддордун финансысы.
6. Гранттык каражат.

Бардык деңгээлдеги тарбиялоо процесси боюнча отчеттуулукту тиешелүү мамлекеттик органдардын жана коомдун контролу астында камсыздоо зарыл.

VIII. Корутунду

Концепция инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы боюнча максаттарды жана милдеттерди ишке ашыруу процессине жана натыйжасына мониторинг жүргүзүү үчүн дисциплина аралык илимий негизде иштелип чыкты.

Окуу-тарбиялык процесстин максаттарына жетүү бүгүндөй коомду камтыганда, мамлекеттик органдардын, инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясынын бирдиктүү иш-аракеттер планы боюнча иштеген бардык билим берүү мекемелеринин жана уюмдардын өз ара тыгыз аракеттенүүсүндө мүмкүн болот.

Өткөнгө сереп

АЛЫСКЫ ТУУГАНДАН ЖАКЫНКЫ КОШУНА АРТЫК

"Эркин-Тоонун" 1996-жылдын 31-июлдагы санына кыргыз-тажик мамилелери жана Президент А.Акаевдин Тажикстанга жасаган расмий сапары жөнүндө макалам жарыяланган. Төмөндө ошол макаламды айрым бир кыскартуулар менен келтирип, анан сөздү андан ары улантууну туура көрүп турам.

"...1989-жылдын жазы. Бир укум жердин айынан Кыргызстандын Баткен районунун чек арасында эзелтен эриш-аркак жашап, куда-сөөк болуп келишкен кыргыздар менен тажиктердин ортосунда кан төгүлгөн жаңжал чыкты. Бул Кыргызстандын аймагында Совет доорунда пайда болгон улут аралык, республикалар аралык алгачкы кагылышуу эле. Кайриет, анда укуругу узун, күчү күч СССР болгондуктан, аталган жаңжал андан ары ырбатылбай, дароо токтотулган. Бирок, эки республиканын ортосундагы жер талаш маселеси ошол кездеги партиялык жетекчилер А.Масалиев менен К.Махкамов, аларга баш ийген өкмөттөр канчалык аракет кылбасын, буга Москва канчалык ортомчу болбосун чечилбей кала берген.

Андан бери дүйнөдө, анын ичинде Кыргызстанда не деген өзгөрүүлөр болбоду! 1990-жылдын күзүндө Кыргызстанда саясий өзгөрүш болуп, бийликке А.Акаев келди. Жыл өтпөй эсил кайран СССР өзү жок болду. Анын ордуна көз жарган жаңы көз карандысыз мамлекеттер, алардын арасында Кыргызстан менен Тажикстан да дүйнөлүк жамаатташтыкка кабыл алынды. Эгемендүү Кыргызстандын башчысы А.Акаев СНГны мындай кой, дүйнөнүн АКШ, Жапония, Франция, Германия сыяктуу тээ алыста жаткан канча улуу-кичүү мамлекеттерин кыдырып, бул өлкөлөр менен расмий алака түзүп кайтты. Ушул эле мезгилде, башкача айтканда, акыркы беш-алты жылда бири-бирибизди жок кылмайынча эзели келишпейбиз деген Израиль менен Палестина ымалага келди, кан күйүп жаткан Боснияда согуш токтоду. СНГ ичинде тынчтыкка умтулуу, ынтымакка келүү, достукту улантуу аракеттери күчөдү. Бирок... Таң калычтуу нерсе - дүйнөнүн 150дөн ашык өлкөлөрү менен дипломатиялык мамиле түзгөн Кыргызстан өзүнүн байыртан берки коңшусу, жери чектешип, ийиндери тийишип турган Тажикстан менен расмий, мамлекет аралык мамилеси жок болуп жатты. Албетте, мунун эки себеби бар эле. Биринчиси - Тажикстандын өзүндөгү баарыбыз билген оор абал, граждандык согуш. Экинчиси - 1989-жылдагы мурастын – суу-жер талашынын али күнчө жөнгө салынбагандыгы. Ооба, себептер ушундай. Бирок, андан кимге пайда?

Пайдасы ушул - Тажикстанда 1992-жылы согуш оту тутангандан бери Кыргызстанга расмий маалыматтарга караганда 40-70 миндей качкын келди. Аларды жайгаштыруу боюнча Өкмөттүк комиссияны убагында вице-премьер-министр катары мен жетектеген элем. Кийин Ош облусунун акими болуп иштеп турганымда мындай качкындардын канчасын көрдүм. Өзү бутуна шыр туруп кете элек кичинекей Кыргызстан үчүн бул проблема - качкындар кошумча оорчулукту жаратты.

Анан калса тынчыбай жаткан Тажикстанда өзгөчө оор абалда калып жаткандар биздин кандаштарыбыз, боордошторубуз - кыргыздар экенин унутпоого тийишпиз. Мен муну укканым же окуганым боюнча эмес, ошол райондорду мурда барып көргөн, бир туугандары, жакын тааныштары, достору ошол жакта жашап жаткан адам катары каңырыгым түтөп айтып отурам.

Үчүнчүдөн, Тажикстандагы ички абалдын оорчулугунан жана эң башкысы - Кыргызстан менен бул өлкөнүн ортосундагы расмий, мамлекеттик алака-мамиленин жоктугунан ушул мамлекет менен чектеш биздин Алай, Чоң-Алай, Баткен, Лейлек райондорунун калкы (300 миңге жакын) жабыр тартып жатканын жашыргым келбейт. Себеби, алар сапарга чыкканда (чек арадан өтүшөт) соода-сатык кылганда, тууган-урукка барганда көптөгөн тоскоолдуктарды баштан өткөрүшөт. Айрыкча аларды бажыкана катуу кыйнайт. Мен муну Лейлек менен Баткендин шартын жакшы билген, Лейлекке депутаттык иш менен барып турган адам катары өзгөчө белгилеп кетмекчимин.

Ырас, абалды оңдоо, Тажикстан менен мамилени жөнгө салуу боюнча аракеттер таптакыр токтоп калган эле деп айтууга эч болбойт. Талаш жерлерди тактоо боюнча өкмөттүк паритет комиссиялар, Тышкы иштер министрликтери колдон келишинче алдыга жылууга аракет кылышканы белгилүү. Кезегинде А.Акаев К.Махкамовго, андан кийин Э.Рахмоновго жолугууга ниеттенгени да эсибизде. Ушул багытта Ош облусунда иштеп турганымда Тажикстандын бизге коңшулаш Ленинабад жана Тоолуу Бадахшан облустарынын жетекчилери менен расмий мамиле түзүп жолугушуп турганымды, бул ишти менден кийинки аким, азыркы губернатор Ж.Рустенбеков да улантып жатканын кошумчалай кетсем артыкбаш болбос. Кыскасы, Тажикстан менен мамилени оңдоо республикалык жана жергиликтүү деңгээлдерде колго алынып келген эле. Мына эми анын оң жыйынтыгы чыгып, үзүрү колго тийип отурат. А. Акаевдин Тажикстанга жасаган расмий сапарында эки өлкөнүн ортосундагы мамлекеттер аралык мамилелердин негиздери жөнүндөгү келишимге, эки тараптуу маселелерди кароо боюнча өкмөттөр аралык кыргыз-тажик комиссиясын түзүү боюнча протоколго, мындан тышкары өкмөттүк деңгээлде маданият, билим берүү, илим, эл аралык автомобилдик карым-катнаш жана соода-экономикалык кызматташтык жөнүндөгү макулдашууларга кол коюлганы ар тараптан колдоого арзыйт.

Ошентип, эки өлкөнүн ортосунда эң чоң дипломатиялык жана саясий кадам жасалды. Өз ара ишенбөөчүлүк, бири-бирин күнөөлөө артта калды, алдыда эки элдин ынтымагын бекемдөөгө, өз ара таарынычын жазууга жол ачылды деп үмүттөнгүбүз келет.

Акырында бул расмий сапар, анын оң жыйынтыктары А.Акаевдин өзүнүн саясий аброюна байланыштуу да эки нерсе жасаганын айтпай коюуга болбойт.

Биринчиден, СНГ өлкөлөрүнүн жетекчилеринин ичинен алгачкы болуп ич ара тынчыбай жаткан Тажикстанга барышы А.Акаевдин саясий батылдыгынын, керек учурда тобокелге бел байлаган адаттан тыш кадам жасоого даяр экендигин күбөлөйт жана бул ага эл аралык деңгээлде кошумча упайларды бербей койбойт.

Экинчиден, А.Акаевдин бул кадамы мага эл аралык контекстке караганда өзүнүн ички, республикадагы кадыр-баркы үчүн алда канча маанилүү көрүнөт. Себеп дегенде өзүнөн мурунку жетекчиликтен калган оор мурасты, чыр маселени чечпей кетсе, өзүнөн кийинки президентке кайрадан мурас кылып калтырса жакшы болмок эмес. Мына эми ал кеч болсо да (алты жылдан соң) бул маселени оң жолго салды. Болгондо да ансыз деле кыйналып, көп жагынан көзү катып турган тажик коллегасын бул жакка келсин дебей, кичи пейилдик кылып өзү барды. Муну менен ал эки коён атты: биринчиден, эки республика ортосундагы мамилелерди оңдоду, экинчиден, кыйын абалда турган коллегасына саясий жана моралдык колдоо көрсөтүп, адамгерчилик жасады.

Ооба, бизге бардык өлкөлөр менен достук, кызматташтык кымбат. Айрыкча Россия, АКШ, Жапония сыяктуу улуу державалар менен жакын мамиледе болуу стратегиялык жактан өтө керек. Бирок, биз үчүн алардан да жакын, алардан да артык көрүнгөн өлкөлөр бар. Алар биздин байыртан берки коңшуларыбыз, тууган-уруктарыбыз, бир боорлорубуз жашаган Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан жана Кытай. Булар менен жакшы мамиледе болуу - элибиздин эртеңине көрүлгөн камкордук эмеспи. Ошон үчүн акылман кыргыз айткан да: алыскы туугандан жакынкы кошуна артык. Анда эмесе Президент А.Акаевдин Тажикстанга жасаган алгачкы расмий сапарына, анын жемиштерине каниет кылып, келечегине сүйүнөлү!"

Ушинтип мындан туптуура чейрек кылым мурда жазган элем. Андан бери эмнелер жана кандай окуялар өттү? Алардын айрымдарын, негизгилерин гана эскерейин. Тажикстанда 1992-1997-жылдары ич ара жарандык согуш жүрүп, анын айынан он миңдеген адамдар өлүп, жүз миңдеген калкы тышта, анын ичинде бизде качкын болуп жүргөнү белгилүү. Алардын арасында белгилүү саясатчылары, илим, маданият ишмерлери (айталы, Тажикстандын эл акыны Г.Сафиева) бар болчу. 1996-жылы Тажикстанга барган алгачкы расмий сапарында А.Акаев алардын мамлекет жетекчиси Э.Рахмон менен бириккен оппозиция башчылары С.Нури жана А.Тураджонзоданы Кыргызстанга келип жарашуусун сунуш кылган. Бир жылдан соң, 1997-жылы май айында аталган адамдар Бишкекке келип А.Акаевдин тикеден тике арачылыгынын натыйжасында бир нече күн сүйлөшүп, акыры Тажикстандагы 5 жылга созулган жарандык согушту токтотуп, улуттук жарашууга келүү жөнүндөгү протоколго кол коюшкан. Ошондо апасы о дүйнө салганына мамлекеттик резиденцияда Куран окуткан А.Акаев өзү тажиктер менен алек болуп бул зыйнатка катыша албай калганына мен күбөмүн.

1999-2000-жылдары Москванын, биздин жардамыбыздан, ортомчулугубуздан улам расмий жарашууга жетишкен Тажикстан өз чек арасын жөндүү каитара албай, Афганистанда жана Тажикстанда ачык, ээн-эркин каттап жүргөн куралдуу согушчандар биздин жерибиз аркылуу Фергана өрөөнүнө – Өзбекстанга өтүп, ислам халифатын курабыз деп жандалбастаганда биздин чектеш Баткен, Кадамжай, Чоң-Алай райондорубуздун эли, куралдуу күчтөрүбүз алардын жолун тосуп, ондогон адамдарыбыз барымтага алынган, окко учкан, жүздөгөн жарандарыбыз жаракат алган. Ошондо менин туулуп-өскөн айылым Кара-Тейитке бомбалар түшүп, бир үй-бүлө өлүмгө учураган, ондогон тууган-уруктарым жарадар болгон, 25 үй кыйраган. 1990-2000 жылдардын башында Кыргызстан менен Тажикстандын чек арасын чектөө жана белгилөө жөнүндө сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө шарт да, чама-чарк да болгон эмес.

Андай мүмкүнчүлүк 2000-жылдардын башынан бери карай, Тажикстанда саясий абал турукташкандан, күчтүү авторитардык бийлик орногондон тарта пайда болду. Ошондон бери эки өлкөнүн ортосунда көп кырдуу (саясий, дипломатиялык, экономикалык-соода, маданий-гуманитардык ж.б.) мамилелер эки жана көп тараптуу форматта (КМШ, ОДКБ, ШОС) өнүгүп келе жатат. Мындай иштерге Жогорку Кеңеште жана Улуттук илимдер академиясында жетекчи кызматта жүргөнүмдө мен да аралашкам. Айталы, Тажикстандын Президенти Э.Рахмонду Жогорку Кеңеште кабыл алып, сүйлөшкөн жайым бар. Бул биздин эки өлкөнүн жакшы жактарыбыз, жетишкендиктерибиз.

Кемчилигибиз – 20 жылдан бери чек ара маселесин жөндүү, эки тарапка тең пайдалуу, келечектүү кылып чече албаганыбыз. Ушунун айынан 1989-жылы башталган суу, жер талаштарыбыз маалмаалы менен уланып, таш ыргытуу, ок чыгаруу менен коштолуп отуруп, апрель-май айындагы кандуу кагылышууларга алып келди. Мунун себептери эмнеде? Алар, албетте, бир канча. Мен айрымдарын гана айтайын.

Биринчиден, чек ара качан да болсо кайсы жерде болбосун эң оор, эң татаал, эң ыйык маселе. Ага эч бир акыл-эстүү адам кайдыгер, кош көңүл боло албайт, ал кан-жаныңды кызытат, калыстык болбосо эс-акылыңды оодарат, кан төгүүгө алып келет. Бул көп өлкөлөрдүн тарыхында далилденген. Классикалык мисал – орус империясынын, СССРдин убагында жүз жылдап чечилбей, кезегинде Даманский аралында кандуу, куралдуу кагылышууга алып келип, СССР кыйрагандан кийин гана көз карандысыз мамлекеттер менен жеке-жеке чечилген Кытай чек арасы. Ал эми биздин чөлкөмдө - Орто Азияда 1924-жылы чек аралар кылдат изилденбей, бутташып-чатташып калганы жакшы маалым.

Экинчиден, кыргыз-тажик чек арасын тактоодо эки тарап эки башка методологияны – ар кайсы убактагы саясий-укуктук ченемдерди, документтерди жетекчиликке алып келишкени белгилүү, башкача айтканда, бирдиктүү, окшош мамиле болбой келатат.

Үчүнчүдөн, ачык айтканда, эки өлкөнүн башчылары оозеки же жазуу жүзүндө айтышканы менен иш жүзүндө чек ара маселесин чындап чечүүгө жан үрөп, саясий эрк көрсөтүп аракет кылышкан жок. Болбосо эки жыл мурда С.Жээнбеков менен Э.Рахмон адегенде Исфарада, андан соң Чолпон-Атада атайлап жолугушкан соң бул маселеде олуттуу жылыш болот эле да?

Төртүнчүдөн, бул маселе менен шугулданган кыргыз атка минерлеринен мен буга чейин бир да кадыр-барктуу, сөзү өтүмдүү, терең билимдүү, тарых менен саясатты, дипломатияны мыкты өздөштүргөн адисти көрө элекмин. Алар негизинен катардагы эле тажиктер эмес, биздин эл-журт жакшы билбеген атка минерлер болду. Бул Өзбекстан менен сүйлөшүүлөргө да тийиштүү.

Акырында мен дагы бир ачуу чындыкты ортого салууга аргасызмын. Бир кезде, 1990-жылдары бизден артта калган, ич ара жарандык согуш менен алектенген, бизден жардам сураган Тажикстан акыркы жыйырма жылда калк жагынан да (9 жарым миллион), экономика жагынан да, аскердик өнөр, техника жагынан да бизден өстү, эрдемсип калды. Биз болсо демократияны анархияга айлантып, дембе-дем шайлоо, референдум, бийлик талаш менен алаксып жакшы өнүгө албай жатабыз. Ал аз келгенсип айрым саясатчыларыбыз жана атка минерлерибиз алабармандык кылып коңшуларыбыздын короосуна таш ыргытып, ашыкча сөздөргө жол беришти, чек арада жашаган элибиздин коопсуздугун камсыз кыла албай, кан төгүүгө, жабырлануурга жана кыйроого алып келишти. Мен ошол күндөрү Тажикстандын куралдуу кол салышын айыптап, майдын башында Баткен, Лейлек, Чоң-Алай райондоруна барып, ушунун баарын өз көзүм менен көрүп, эл менен баарлашып келдим.

Экинчиден, ошондо эле Президентибиз С. Жапаровдун Душанбеге барып, Э.Рахмон менен бетме-бет сүйлөшүүгө даяр экенин ачык колдогом. Качан да болсо согушка, жаңжалга караганда баарлашкан, сүйлөшкөн жакшы. Мунун баа-баркын Израиль менен 3 ирет согушкан араб мамлекеттери түшүнүп, өз баштарынан өткөрүшпөдүбү.

Албетте, сүйлөшкөндө 2 нерседен – аша чапкан алабармандыктан же чөгөлөп жалтактагандан алыс болуп, ар-намысты сактоо кажет. Менимче, С.Жапаров Э.Рахмон менен алгач жолукканда да, жалпы сүйлөшүүлөрдө да, биргелешкен билдирүү жасоодо да, басма сөз жыйынында да өзүн татыктуу көрсөттү, сапары оң, натыйжалуу болду. Кеп эми өз ара макулдашууларды чечкиндүү ишке ашырууда турат. Бул ишке баарыбыз жардам беруубуз зарыл.

Абдыганы ЭРКЕБАЕВ,
Кыргызстан калкы Ассамблеясынын Кеңешинин төрагасы, академик

Эгемендүүлүккө – 30 жыл!

ӨЗҮБҮЗ ТАНДАГАН ЖОЛ

1991-жылдын 31-август күнү Кыргыз Республикасы да көз карандысыздыгын жарыялаган. Андан бери туура 30 жыл өттү. Ушул убакыттын ичинде өлкөдө оң да, терс да көрүнүштөр орун алды. Быйыл өлкөнүн башкы майрамынын 30 жылдыгы белгиленет. Буга байланыштуу элдин ой-пикирин билүүнү туура көрдүк.

Пенсионер
Татьяна БОРОДИНА:

– Мамлекеттин эгемендүүлүгүнө болгону 30 жыл толду. Бул Кыргызстанды 30 жашка чыккан адам менен салыштыр дегенге барабар. Кандайдыр бир анализ жүргүзүү үчүн эрте. Дүйнөдө көз карандысыздыкка жетишип, бизден дагы оор абалда калган өлкөлөрдүн мисалы көп. Анан кээ бир адамдардын Кыргыз Республикасын 30-40 жылда өнүккөн Сингапур, Израиль сыяктуу өлкөлөр менен салыштырганы туура эмес. Себеби, ар бир өлкө өз жолун басып өтүшү керек. Менимче, Кыргыз Республикасы өзү тандаган жол менен бара жатканы жакшы.

Тарых мугалими
Аблабек ТУРСУНБЕКОВ:

– Алгач жалпы кыргызстандыктарды келе жаткан майрам менен куттуктайм. Өлкөнүн 30 жыл тарыхында көп окуялар болду. Кыргызстандын СССР доорундагыдай Москваны карабай, өз тагдырына өзү ээ болгону кубандырат. Бирок, экономиканын азыркы абалы жүрөктү оорутат. Саясий күчтөрдүн СССРден калган байлыкты талап-тоноп, өз кызыкчылыгына пайдаланганы, ушул күнгө чейин көйгөй жараткан чек ара маселеси 5 президенттин кезинде чечилбегени өкүндүрөт.

Бишкек шаарынын тургуну
Венера КАСЫМОВА:

– Эгемендүү Кыргыз Республикасы 30 жыл аралыкта революция, бийликти алмаштыруу менен гана алек болуп жатат. Өлкөнүн бардык тармактары кризиске учурады. Жеке мен коррупциянын өсүшүнөн, акчалуулардын байышынан башка эч кандай өзгөрүү, өнүгүү тууралуу айта албайм.

Жеке ишкер
Мирбек НАСИНОВ:

– Биздин өлкөдө коңшу мамлекеттерге салыштырмалуу демократиянын негизги принциптери аздыр-көптүр сакталууда. Бирок, күч колдонуу менен бийлик алмаштыруу экономикалык абалдын начарлашын шарттап жатат. Андыктан, бул процесстин тынчтык жолу менен жүрүшүн күтөт элем.

Гүлжан АБЫТОВА

Академик болууга татыктуу окумуштуу

САЛЫМЫ ОПОЛ ТООДОЙ

Үстүбүздөгү жылдын 2-июлунда «Кыргыз Туусу» гезитине Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы анык мүчөлүккө жана корреспондент-мүчөлүккө катталган талапкерлердин тизмесин жарыялады. Академиянын анык мүчөлүгүнө талапкерлердин ичинде белгилүү окумуштуу-педагог, тарых илимдеринин доктору, профессор Өскөн Осмонов да бар. Ал академиянын корреспондент-мүчөлүгүнө 2006-жылы 6 талапкердин ичинен тандалып шайланган. Өскөн Жусупбековичтин тарых илимин изилдөөгө, окутууга жана кеңири жайылтууга талбай салым кошуп келе жаткандыгын өлкөбүздүн коомчулугу жакшы билет.

Өскөн Осмонов Кыргызстандын тарых илимин маанилүү изилдөөлөр, өзгөчө окуу жайлары үчүн өтө зарыл болгон окуу китептери менен толуктаган чоң адис десек эч жаңылбайбыз. Буга окумуштуу тарабынан жүздөгөн тарыхый фактыларды кылдат, терең изилдөөнүн натыйжасында 50дөн ашык китептердин (монографиялар, окуу китептери, илимий-публицистикалык китепчелер) жана 300дөн ашуун макалалардын жарыяланышы күбө.

Кыргыз Республикасы көз карандысыз мамлекет болгондон бери Ө.Осмонов тажрыйбалуу окумуштуу жана педагог катары өлкөбүздүн окуу жайларында тарыхты окутууну реформалоо ишинин башында туруп, аны ишке ашырууга зор салым кошту. Анын жетекчилиги менен Кыргызстанда тарых сабагын окутуунун концепциясы, мамлекеттик стандарттары иштелип чыккан. Дүйнөнүн жана Кыргызстандын тарыхын окуу жайларында окутуу боюнча программалар Ө.Осмоновдун жетекчилиги менен 9 жолу толукталып, оңдолуп басылган. Бул программалар аркылуу окуу китептери жазылып, тарыхты формациялык, таптык көз карашта окутуудан эл аралык концепцияга ылайык цивилизациялык ыкма менен окутууга өтүү иши жүзөгө ашырылды.

Тарыхты окутууну реформалоонун натыйжасында Кыргызстандын тарыхы дүйнө тарыхынын, эл аралык цивилизациянын ажырагыс бөлүгү катары каралды. Адамдардын жаратмандык ишмердиги биринчи планда көрсөтүлдү. Кыргыз элин жана жерин кылымдар бою сактап, өнүктүрүп келген улуу тарыхый инсандардын өрнөктүү өмүрлөрү жана ишмердиктери тарыхтагы өз орундарын тапты.

Профессор Ө.Осмоновдун жалпы билим берүүчү орто мектептердин 5-11-класстары үчүн жазган 23 окуу китептери менен окуу куралдары ар тараптуу эксперименталдык сынактардан өтүп, 1,5 миллион нускада басылып чыгып, туруктуу окутулуп жатат. Окумуштуу-педагогдун жогорку жана атайын кесиптик билим берүүчү окуу жайларынын студенттери үчүн даярдаган 7 окуу китептерин да студенттер кызыгуу менен окуп үйрөнүүдө. Окумуштуу жараткан 30 окуу китептери менен окуу куралдары бир нече ирет экспертизалардан өтүп, Кыргыз билим берүү академиясында, КРнын Билим берүү жана илим министрлигинде талкууланган. Бардык окуу китептерине КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин грифи ыйгарылгандыгын баса белгилөөгө болот. Автордун окуу китептери талапка ылайык кыргыз, орус, өзбек, тажик жана англис тилдеринде жарыяланган.

Учурдун талабына ылайык профессор тарых сабагын аралыктан окутууда компьютердик технологияны пайдалануу жол ачты. Анын Кыргызстандын байыркы доордон азыркы мезгилге чейинки тарыхын 45 тема боюнча чагылдырган (ар бири 20 мүнөттөн) видеолекциялары мектеп окуучулары, студенттер, жалпы эле коомчулук тарабынан жылуу кабыл алынып, республикалык телеканалдар аркылуу байма-бай улам кайталанып көрсөтүлүүдө.

Ө.Осмонов республика үчүн илимий-педагогикалык адистерди даярдоо ишине да салым кошууда. Тарых адистиги боюнча 25 илимдин кандидаттары менен докторлорун даярдады. Көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн окумуштуу-педагог Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы, III даражадагы «Манас» ордени менен сыйланган. Ага Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер ардак наамы ыйгарылган. 2009-жылдан Кыргыз Республикасынын Тарыхчылар ассоциациясын жетектейт. Тарых илимин изилдөөгө, окутууга жана аны кеңири жайылтууга опол тоодой салым кошкон Өскөн Осмонов Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын анык мүчөсү (академик) болууга толук татыктуу деп эсептейбиз.

Э.МААНАЕВ, тарых илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын ардактуу академиги, А.АРЗЫМАТОВА, тарых илимдеринин доктору, профессор, Б.АБЫТОВ, тарых илимдеринин доктору, профессор, А.КӨЧКҮНОВ, тарых илимдеринин доктору, профессор, Н.КУРБАНОВА, тарых илимдеринин доктору, профессор, Т.ӨМҮРЗАКОВА, тарых илимдеринин доктору, профессор, Д.САПАРАЛИЕВ, тарых илимдеринин доктору, профессор

“БАР МЕНЕН ЖОК” – КӨП СУРООГО ЖООП

Байыркы доордон тартып ушул күнгө чейинки далай-даркан ойчулдардын эсин эки кылып келген болум (бытие) маселеси али толук түшүнүлүп бүтө элек; аны өз алдынча талкуулоого ар бир эле философ-илимпоз даап, батынып, тикеден тике кире албайт. Антика доорунун ойчулу Перманидден бери карай, болумдун эмне экендигин түшүнүүгө арналган кесипкөй талкуулар ушул күнгө чейин ар кыл максатта, өңүттө, формада, тартипте жүрүп келе жатат. Жеке ойчулдар, топтор, багыттар, мектептер тарабынан ар түрдүү ракурстан карала берип, ар түрдүү пикир-бүтүмдөр айтыла берип, кийинчерээк оголе татаал маселеге айланып кеткени да бар. Бүгүнкү күндө болсо, андан бетер... Ошондуктан, бул маселеге изилдөөчүлүк тажрыйбасы мол, өзүнүн аналитикалык жана абстрактуу ой жүгүртүү жөндөмүнө ишенген, кашкөй ойчулдар гана кол узата алат.

Белгилүү кыргыз философу, профессор Жамгырбек Бөкөшов жакында эле “Бар менен Жок: (Кыргыз онтологикасы тууралуу кеп)” (Бишкек: Улуу Тоолор, 2021. – 196-б.) деген аталыш менен жарык көргөн эмгегинде ушул болум тууралуу мурдатан айтып келген ойлорун дагы тереңдетүүнү, өзүнүн кыргыздык-бөкөшовдук-ойчулдук сөзүн айтууну көздөптүр.

Окумуштуунун: “кыргыз чындыгын, жашоо-турмушун, тарых-тагдырын даяр теориялык схема, калып аркылуу эмес, өз кыртышында, ички түзүмүнө, курамына, касиеттерине жана мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык иликтеп, түшүнүш зарыл” деген сөздөрү эң маанилүү жана бул илимий эмгектин методологиялык жерпайын билдирип турат.

Эмгек курулай теориялардан, абстракциянын күүсү менен схоластика түспөл, турмуштук таанычы болбогон ойлордон оолак. Ал “кыргыз чындыгынын” конкреттүү маалыматтарына таянат, бирок алардын мазмунун талдап гана отурбай, ар бир мисалдын философиялык маңызын ачуу жагын көздөйт. Кыскасы, ар бир фактынын (жеке) этностук менен жалпы адамзаттык, жергиликтүүлүк менен дүйнөлүк, жекелик менен жалпылык байланыштарын куруу аркылуу оригиналдуу философиялык эмгек жараткан деп тартынбай эле айтса болот. Көрсө, кыргыздын: “Бири кем дүйнө”, “Сулуу сулуу эмес, сүйгөн сулуу”, “От дегенден ооз күйбөйт” деген паремиологиялык бирдиктеринин, эпикалык мурастарда айтылган “Бар экен, жок экен”, “Манас Манас болгону”, “Төрт Маамыт” ж.б. айтымдарынын ар бири болум маселесин кыргызча талкуулоонун (этно-) ачкычтары тура.

Ж.Бөкөшовдун аталган жаңы эмгеги маселеге “улуттук көз” менен жаңыча кароо, жаңы булактарды пайдалануу жана илимий айлампага жаңы түшүнүктөрдү киргизүү жактары менен философия илиминде жаңы тилкени – этнофилософия тилкесин ачты десе болот. Маселе, эми аны мындан ары баарылап өнүктүрүүдө турат. “Бар менен Жок” – көп суроого жооп бере ала турган эмгек. Окумуштууга ак жол!

Сулайман КАЙЫПОВ, Тарых илимдеринин доктору

Гапыр МАДАМИНОВ, Лейлек районундагы №3 эксперименталдык гимназиянын директору:

“30 ЖЫЛДЫККА АРНАП, “ИСХАК РАЗЗАКОВ” ОРДЕНИН СУНУШТАЙМ”

- Ата-бабаларыбыздын миң жылдап эңсеп күткөн, алардын эмгеги менен келген эгемендүүлүгүбүздө жашап жатабыз. Алты миллион калкыбыз менен эгемен мамлекетибиз бар. Кудайга шүгүрчүлүк кылышыбыз керек. 60 миллиондон калкы бар бирок, кылымдар бою эгемендүүлүккө жетпей жүргөн элдер бар. Түшүнбөгөндөр үчүн, тарыхтын баасын билбегендер үчүн эгемендигибиз оңой жол менен келип калгандай көрүшөт. Эгер тарыхый басып өткөн жолубузга саресеп салсак, мындан миң жылдап илгери тогузунчу кылымдан тарта эл-жерди коргоо үчүн не деген эмгектер, кагылышуулар болуп турган. Барсбек, Мухаммед кыргыздан, Ысхак Полотхандан баштап, Ж.Абдрахманов, А.Орозбеков, Б.Исакеев, И.Раззаков, Т.Айтматовдор жана миңдеген кыргыздын улуу инсандарынын эгемендүүлүгүбүзгө эбегейсиз зор салымын кошконун эстен чыгарбай, муундан-муунга жеткирип турушубуз керек.

Эгемендүүлүгүбүздүн 30 жылдыгында жалаң гана майрамдык кечелерди өткөрбөстөн, региондордогу район-шаарларыбызда 30 жылдыкка чейин жана андан берки басып өткөн жолубузга байланыштуу илимий-конференцияларды өткөрүп, телеберүүлөр аркылуу көрсөтүп турушубуз зарыл. Отуз жыл аралык бул чоң мөөнөт. Бул жылдарда Кыргызстан не деген гүлдөп, өнүккөн мамлекетке айлануусуна мүмкүнчүлүктөр бар эле. Бирок, андай болгон жок. Эми да үмүтүбүздү үзбөйбүз. Кезинде Исхак Раззаков башкарып турган мезгилдерде Кыргызстан айыл чарбасы, өндүрүш тармагы өсүп, өзүн-өзү камсыздаган республика болуп турган экен.

Мамлекеттин негизги өзөгүн эл түзөт. Эми ушул элге керектүү болгон өлкөнүн коопсуздугу, чек-арасы бекем болсо, айылчарбасы, суусу, өнөр жай өндүрүшү өз алдынча болсо, толук эгемендүү болот деген тарыхый көз карашты айткым келет. Ушул өңүттөн алганда, биздин алдыда өтө көп иштерди жасоо керектигибиз байкалып турат. Ал эми саясий туруктуулукка жетүүбүз татаал болуп, улам бир президентибизди, өкмөтүбүздү алмаштыруу боло берип, кризистик абалга туш болдук. Саясий стабилдүүлүктүн өзү да эгемендиктин биринчи белгиси болуп эсептелет. 30 жылда жасалган иш-аракеттер жакшы жыйынтыгын берген жок. Бул аралыкта биз не деген өнүгүү жолуна түшсөк болор эле. Тышкы миграциянын күч алышы да мына ушул отуз жылдын ичинде болду.

Азыркы президентибиз Садыр Жапаров чоң максаттарды коюп жатат. Бул бийликтин да кемчиликтерин айтып турушубуз керек. Ошол эле учурда пайдалуу, туура жасап жаткан, баштаган эмгектерин колдоп турсак, натыйжасы жаман болбос. Президент өзүнүн сүрөтүн кабинеттерге илдирбей, анын ордуна чыгаан, өмүрүн, кызматын элге арнап өткөн инсандардыкын илүү сунушу, жупунулугун, жөнөкөйлүгүн көрсөттү. «Бай мамлекеттин эли саякатчы, жакыр мамлекеттин эли саясатчы» болбой ыксыз, орунсуз сындардан алыс болуп, үн кошуп, дем берип, катасын түзөтүп турсак, үй-бүлөмдө кандай бакубат турмушту орнотсом деген жакшы ой менен алектенсек келечек жакшы болот. Айрым учурда сын да керек. Ал жетекчиликке пайда гана алып келет. Бизде жетекчилик кадрды тандоодо мүчүлүштүктөр кетип жатат. Аларды тандоодо биринчи кезекте билимине, тажрыйбасына, тазалыгына, жупунулугуна, эл менен иштей билүүсүнө, тарбиясына көңүл бурулса дейм. Элдин арасынан чыккан иш-билги азаматтарыбыз калып кетүүдө.

Ошондой эле 30 жылдыкка арнап, «Исхак Раззаков” орденин жасап, мыкты иштеген татыктуу жетекчилерге тапшырылса деген оюмду ортого салам.

Эгемендүүлүгүбүзгө – 30 жыл

Жакшы үмүттүн жарыгынан эртеңки күн көрүнөт

Кебимдин соңунда, мамлекеттин, эгемендүүлүктүн ээси – эл деп айтар элем. Бийликтин бардык бутактары элди чындап сыйлап, кооз сөз менен эмес, иш жүзүндө алардан кабар алып, колдоп, элге бюрократиялык эмес, адамгерчилик, мээримдүүлүк менен мамиле кылууга үйрөнүшү зарыл.

Жылдыз ШАМЕНОВА, “Эне тынчылык” кайрымдуулук фондусунун төрайымы:

“ЭГЕМЕНДИГИБИЗДИ САКТОО АР БИРИБИЗДИН МИЛДЕТИБИЗ”

- Эгемендүүлүк кыргыз элинин бактысына жаралган. Элибиз көз карандысыз мамлекетти курууда тарыхтын эң бир оор сыноолорун баштан кечирип, не деген кыйынчылыктарды басып өтпөдү. Эгемендигибизди сактоо ар бирибиздин ыйык милдетибиз. Негедир баркына жете албагандыгыбызданбы 30 жыл ичинде 9 жолу конституция өзгөрүп, эки жолу революция болду, анын кесепетинен кырчындай уулдарыбыз курман болушту. Канча өкмөт башчы алмашты. Экономикабыздагы дүркүрөп өсүүнү байкаган жокпуз. Эл өзүнөзү багып, ал тургай мигранттарыбыз өлкөбүзгө миллиондогон каражаттарды салып жатышты. Билесизби, кайсы бийлик келбесин, ал элге жакын болмоюн, эл менен эсептешмейин жакшы болбойт. Мен бир мисал келтиргим келет. 1945-жылы Японияга атом бомбасы ташталып кыйрап калган соң, бул өлкөнү узакка чейин буттан тура албайт деп эсептешкен. Бирок, 1964-жылы Токио олимпиадасында Япониянын өнүгүүсүн, экономикалык жактан күчтөнүп кеткени дүйнөнү таң калтырган. Спутник аркылуу олимпиада оюндарын түз эфирде көрсөтүп, жаңы технологиялары менен чагылдырып, оозду ачырышкан. Ошондо караңыз, 19 жыл ичинде не деген өнүгүү болуп жатат. Биздечи, Эгемендүүлүгүбүзгө отуз жыл толду. “Үмүтсүз шайтан” деп коёт элибизде. Дагы да үмүт артабыз.

Бубажар АБЛАЛОВА, Базар-Коргон райондук ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун башкы дарыгери:

“ТЕСКЕРИ ҮГҮТТӨӨЛӨРДҮ ЭЭРЧИБЕЙЛИ”

- Былтыртан бери коронавирус илдети каптап, бүгүнкү күнгө чейин кара булут болуп, кетпей келет. Бул илдеттин кесепетине өнүккөн өлкөлөр да туруштук бере албай миллиондогон өмүрлөр кыйылып кетти. Биз дагы бул азапты тартып жатабыз. Ошол эле учурда медицинабыздын даяр эместиги толук билинди. Керектүү медициналык жабдыктардын, дары-дармектердин жетишсиздигин көзүбүз менен көрүп, жүрөгүбүз тилинип турду. Эгемендүүлүгүбүзгө 30 жыл деп кубанып турабыз. Кептин баары ошол жыл ичинде эмне жарытылуу эмгектер жасалды. Жадакалса жетиштүү ооруканалар курулган жок. Кудайга шүгүр эми гана медицинага маани берилип, Президентибиз өзү дарыгерлер менен жолугушуп, алардын көйгөйүн жакындан угуп, таанышып чыкты. Ооруканалардын абалын көрүп, абалдан чыгуунун жолдору боюнча иш-аракеттери жакшы көрүнүш. Биз бүгүнкү күндө эмдөө иштерин кызуу жүргүзүп жаткан мезгилибиз. COVID-19дун жаңы штаммдары пайда болуп, тез жайылып жатышы коркунуч туудурууда. Эл салкын мамиле жасап, бейкапар болушууда. Эмдөөдөн өтүү зарылдыгын биз түшүндүрүп жатабыз. Бул дарттын алдын алуу үчүн 12 644 доза вакцина алганбыз. Учурда 7800 адамга эмдөө жүргүзүлдү. Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин жардамы менен калктуу аймактарга атайын эмдөө пункттары ачылды.

Жакында Президентибиздин эмдөөдөн өткөнү да, элге чоң ишеним жаратты. Вакцина боюнча акылга сыйбаган терс маалыматтардын таркап жатышы өкүнүчтүү. Акыл айтып, жол көрсөтчү аксакалдарыбыз эмдөө боюнча туура эмес видео кайрылууларды жасашты. Бул илдеттин канчалык жугуштуу экенин билип турушса да, моюнга алгылары келишпейт. Тескери үгүттөөлөргө ээрчибей ар бирибиз өзүбүздүн саламаттыгыбызга кам көрөлүчү.

Гүлбара АТАБЕКОВА, Түркиянын Анкара шаарындагы туризм тармагынын мейманкана тейлөө кызматкери:

“ЭЛИБИЗДИН БАКУБАТ ЖАШООСУ МЕН ҮЧҮН МААНИЛҮҮ”

- Биз өз өлкөбүздөн сыртта жүргөнүбүз менен интернет аркылуу кабар алып турабыз. Ата-эне, бир туугандарыбыз менен сүйлөшүп турабыз. Кандай өзгөрүүлөр, жылыштар болуп жатканына кубанып турам. Айрыкча, коррупция менен болгон күрөштүн ачык жүрүп жатканы, элдин ишенимин арттырат деп ойлойм. Менин жүрөгүмдү өйүгөн негизги маселе ушул эле. Жөнөкөй эле документ жасоо үчүн кайрылсаң, болгон шылтоосу мөөнөтүнөн мурда колуңузга аласыз деп акча сурашат. Кандай кыйынчылык болбосун, анын азабын карапайым эл тартып жатпайбы. Ошон үчүн коррупциянын тизгинин ооздуктоодо төмөндөн баштоо керек деп эсептейм.

Быйыл эгемендигибизге 30 жыл толду. Ушул отуз жылдын ичинде миграция күч алып, канчалаган жарандарыбыз көр оокаттын айынан чет өлкөлөргө чыгып кетишип, айрымдары башка өлкөнүн жарандыгын да алууга мажбур болушту. Бул дагы өзүнчө чоң маселе.

Кесибим боюнча мугалиммин. Айлыктын аздыгынан, Түркияга келип иштөөгө мажбур болдум. Бул жакта ар тармакта татыктуу иштеген кыргыздын уул-кыздары көп. Бизди кубандырган дагы бир жагдай, мигранттарды Кыргыз Республикасына кайтарып, аларды иш менен камсыз кылуу жагы колго алынып, бир топ долбоорлор каралып жатыптыр. Эми кептин баары анын ишке ашуусунда.

Кудайга шүгүрчүлүк кылам, эки элдин ымала достугуна ыраазымын. Мен Кыргыз Республикасынын жөнөкөй жараны катары эки мамлекеттин ортосундагы маданий, соода-экономикалык ар тараптуу байланыштын бекемделишин каалайм. Мындай алака элибиздин бакубат жашоосуна шарт түзөт. Элдин турмушу оңолсо, өлкөбүздүн өнүгүшүнө аз да болсо таасирин берет деген үмүттөмүн. Ошондой эле Президент Садыр Жапаровдун Түркияга болгон расмий иш сапары бизди кубандырды. Жолугушуулар ийгиликтүү өткөнүн ММКдан көрүп турдук. Бул жолугушуу эки өлкөнүн мамилесин жаңы бийик тепкичке көтөрдү десем ашыкча болбойт. Мындагы түзүлгөн келишимдер өз жемишин, жыйынтыгын берет деген үмүттөмүн.

Айнура ОСМОНБЕКОВА, Бишкек шаарындагы “Шайыр балалык” балдар чыгармачылык борборунун окутуучусу:

“УЛУТТУК ИДЕОЛОГИЯНЫН ӨЗӨГҮ БЕКЕМ ТҮЗҮЛСӨ...”

- Биз ата-бабаларыбыздан мурасталып калган намыс, айкөлдүк, тазалык, аруулук, атуулдук сапаттарыбызды жоготуп, ууру-кескилик, талап-тоноочулук менен жашап калгандай эле болдук. Бул албетте улуттук идеологиянын жоктугунан же алсыздыгынан кабар берет. Эми азыр мурдагыдай ыплас коррупциялык ишти улантам дегендердин түн уйкусу бөлүнүп, алардын жыргал доору бүттү. Буга жемкорлукка болгон күрөштүн жүрүп жатышы далил боло алат.

Улуттук идеологиянын өзөгү бекем түзүлгөн болсо, өнүгүүгө өбөлгө, элибизге дем, жаркын келечек болот. Жаңы коомго жараша өнүгүү багыттардагы бардык тармактарды камтыган өзүнүн идеологиясы жок мамлекет тилин, улутун, динин, эгемендүүлүгүн жоготуп алышы мүмкүн деген ойдомун. Учурда мындай коркунучтан сактоого жакшы аракеттер көрүлүп, аздап болсо да алдыга умтулуу байкалууда. Биз агартуучу тармагында эмгектенгендиктен бул багытка чоң маани беребиз.

Ал эми былтыртан бери коронавирус илдетинин жайылышынан улам билим берүү онлайн режимге өткөндүктөн, балдардын билими төмөн болуп кетти деп кабатыр болуп жаттык эле. Кудайга шүгүр, мында да мугалимдердин аракети текке кетпептир. Буга жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы далил болду.

Билим берүүнүн сапатын арттыруунун дагы бир жолу, мугалимдердин айлыгын көтөрүү. Өткөндө ютуб каналдардын биринен көрүп калдым. Бир депутат соттордун айлыгын көтөрүшүбүз керек деп бакылдап жатат. Жыргаган экенбиз дедим. Ошолорду шайлаган өзүбүзгө убал, сооп жок деп ыза болдум.

Негизинен өнүгүүгө үмүт арткан өлкө биринчи кезекте билим берүүгө, маданиятка, медицинага көңүл буруусу керектигин тарых таасын белгилеп койду.

Айзада ДҮЙШӨНБАЕВА

Жакшы кыз – жакадагы кундуз

КРнын Жогорку Кеңешинин депутаты Айнура АСКАРОВА:

“ҮЙДӨН АЛГАН ТАРБИЯ БАЛДАРЫҢА ЖАНА КООМГО ӨТӨТ”

Мындан бир нече жыл мурда “Эркин-Тоодо” иштеп жүргөндө эле Айнура Аскаровнанын жүргөн-турганынан, олуттуу сүйлөгөнүнөн лидерлик сапаттар байкалып турчу. Андан кийин КР Жогорку Кеңешинде, КР билим берүү министрлигинде, И.Арабаев атындагы университетте жана башка бир топ жерлерде иштеп, “Замандаш”саясий партиясынын түптөлүшүнө чоң салым кошкон. Анын кийинки жүргөн чөйрөсү эл өкүлү болууга түрткү болду. Позитивдүү, харизмалуу, оюн ачык айтып, так сүйлөгөн биздин мурдагы кеситешибиз, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Айнура Аскарова менен “Эркин-Тоо” газетасынын редакциясында баарлаштык. Ал кызыктуу окуялар, учурдагы орчундуу маселелер жана омоктуу ойлору тууралуу айтып берди.

КАПЫСТАН ЭЛЕ “УЧКУНГА” БАРЫП, “ЭРКИН-ТООГО” КИРИП КАЛГАМ

– Жогорку окуу жайынын журналистикасын жаңы бүткөн учурда капыстан эле апакем менен ээрчишип, “Учкун” мамконцернине бир жумуштар менен барып калдык. Аталган мекеменин ошол кездеги жетекчиси, апамдын тууганы Сайдин Исаковго кирип сүйлөшүп олтурдук. Ал киши: “Бул баягы кичинекей кара кызбы, окууну бүттүбү, кайсы жакка иштейм деп жатат”, - деп сурап калды. Апам: “Азырынча план деле жок. Жаңы эле бүттү, дипломун ала элек. Аспирантураны улантсамбы деген ойлору бар. Телевидениеге да чакыруулар болуп жатат. Өзү ойлонуп, бир чечимге келет го”, - деп айтты. Сайдин агай: “Эркин-Тоо” деген мамлекеттик гезитинин редакциясы биздин имаратта жайгашкан, бул кыздын гени күчтүү, чоң атасын тартса деле оңой болбойт”, - деп Аскар чоң атамдын жакшы жактарын айтып, редакцияга азыр шыр эле баргыла деп жөнөттү. Гезиттин ошол кездеги башкы редактору Таалайбек Темировго кирдик. Ал киши бизди жылуу-жумшак тосуп алып, ошол эле күнү жумушка алды. Чындыгын айтсам, ошондо капыстан болуп мага тандоо эркиндиги берилбегендиктен, менде анчалык деле кубануу сезими болбоду. Бирок, канча мезгил өткөндөн кийин апамдын, Сайдин Исаковдун жана Таалай агайлардын ошол кездеги шар чечимдерин ойлоп, туура болгон экен деп өзүмчө кубанам. Ошентип, капыстан эле “Учкунга” барып, “Эркин-Тоого”кирип калгам. “Эркин-Тоо” мен үчүн акжолтой, куттуу уя болгондугуна азыр ыраазы болом.

“ЭРКИН-ТООНУН” ЭРКЕ КЫЗЫ БОЛУП ИШТЕДИМ

– “Эркин-Тоодо” мен көп деле иштеген жокмун. Бирок, аз иштейби, көп иштейби ар бир адамдын эң биринчи иштеген жери, эмгек жамааты өмүр бою эсинде калат экен. Бул жерден мен терең турмуштук көз караштагы улуу муундун тарбиясын, тажрыйбасын алдым. Макала жазганды, талдаганды, айтор чыгармачылык түйшүк эмне экендигин, маалымат таратуучулардын коомдогу ролун, функциясын, өзгөчө ордун, жоопкерчилигин ж.б. үйрөндүм. Менин көптөгөн ой-максаттарыма, ийгиликтериме жетүүдө турмуштук-тажрыйбалык жана чыгармачылык аянтча, трамплин болду десем жаңылышпайм. “Эркин-Тоонун” эрке кызы элем. Потенциалдык ресурсум туура келдиби, айтор жакшы аурада өзүмдү эркин сезип, берилген тапшырмаларды убагында аткарып, кыйналбай иштедим.

ЫНТЫМАКТУУ ЖАМААТ КАТАРЫ ЭСТЕ КАЛДЫ

– “Эркин-Тоодо”сонун күндөрдү өткөрдүк. Ал кезде жапжаш элек. Эркинтоочулардын 5-күн сайын чогулуп, бурчтагы чоң бөлмөдө шатыра-шатман олтуруп, чай ичкен адаты бар эле. Аягында Разия Жоошбаева деген кыз экөөбүз идиш-аякты жууп, тазалап, иреттеп койчубуз. Азыр ойлосом, бул жакшы жөрөлгө ынтымактын, ишенимдин чайы, чыгармачылыктын энергетикалык булагы болгон экен. Азыркы учурда канчалык деңгээлде бул жакшы жөрөлгө бар экендигин билбейм. Ошол убакта жамаат бир туугандай жакын жана ынтымактуу эле. Мен ал жерден негатив, интрига деген нерселерди көрбөдүм.

ЧӨЙРӨ МЕНИ ЭЛ ӨКҮЛҮ БОЛУУГА ТҮРТТҮ

– Ал эми саясий жактан такшалуума андан кийинки иштеген жерлерим чоң түрткү берди.“Эркин-Тоодон” кийин мен бир топ жерлерде иштедим – КР Жогорку Кеңешинде, КР Билим берүү жана илим министрлигинде, И.Арабаев атындагы университетинде иштедим. Саясий партиялардын түптөлүшүнө катыштым. ЖОЖдордо сабак бердим. Ар кайсы долбоорлордо иштеп жүрдүм. Ал эми гезитте иштегеним, мага айрыкча чыгармачылык жактан иштөөгө таасири күчтүү болду. Айрым бир процесстерге чыгармачылык жөндөм талап кылынат. Изденүү, таразалоо, талдоо, ойлонуу керек болот. Мына ушундай учурларда чыгармачылык жөндөмүң күчтүү болсо, көп кыйналбай шыр кетесиң. Мындан сырткары, менин чоң максаттарымдын бири – кандидат болуу, докторлукту жактоо анан жаштарга сабак берүү эле. Убакыттын тартыштыгынан азырынча бул иштерим аягына чыкпай турат.

Алгач менде депутат болуу кыялы деле болгон эмес. “Эркин-Тоодон” кийинки иштеген жерлеримдеги иштөө процесси, чөйрө мени эл өкүлү болууга түрттү. “Замандаш” саясий партиясын ыраматылык Мухтар Өмүракунов экөөбүз түзгөнбүз. Ошондон баштап элге чыгып, элдин көйгөйү эмне экендигин, кандай институт түзүшүбүз керек экендигин түшүнө баштадым.

АЗЫР ДАРАК БИР ЖЕРДЕН ЭМЕС, БИР НЕЧЕ ЖЕРДЕН КӨГӨРӨТ

– Бул сөзгө философиялык жагынан карай турган болсок, туруктуулук, ары-бери урунбаган, кандай кырдаал, кандай сыноо болсо да сабырдуулук, чыдамкайлык менен көптөгөн жакшы ийгиликтерге жеткен адамды түшүнсөк болот. Бирок, ошол эле учурда бул сөздүн азыркы заманга шайкештигин карай турган болсок, анда такыр башкачараак ойду айткым келет. Бул бир топ өнүгүү процесстеринен артта калуу дегенди түшүндүрөт. Ар бир адамдын жан-дүйнөсүндө ойгонбогон таланттары, кыялдары, алдыга умтулуулары жашайт. Өзгөчө бир табигый жөндөмдүүлүктү ойготуш үчүн адам саат сайын өзүн-өзү өстүрүп, өнүктүрүп, изденүү менен жашаш керек. Айрыкча азыркы интернеттин өнүккөн заманында, глобалдашуу мезгилинде, англис тили биздин негизги тилге айланып жаткан учурда жаштарга айтаарым, бир жерден көгөрөм деп олтуруу туура эмес. Азыр дарак бир жерден эмес, бир нече жерден көгөрөт. Айтайын дегеним, бир эле жерде бир канча жыл коркуп олтура бербей, өзүндү көп жерлерден сынап көрүүң керек. Эң негизги ар тараптуу өнүгүү болуп, “Алга!” деген позиция менен жашоо керек. Ал үчүн билимиң, жөндөмүң, аракетиң, чыдамкайлыгың, сабырдуулугуң да дал келиши абзел.

АТА-ЭНЕЛЕРИБИЗДЕЙ БОЛУП ӨЗ БАЛДАРЫБЫЗГА ТАТЫКТУУ ТАРБИЯ БЕРЕ АЛДЫКПЫ, БИЛБЕЙМ...

– Мен чоң ата, чоң энемдин колунда чоңойдум. Биздин убакта, бизден мурда эң улуу балдарын сөзсүз чоң ата, чоң энелери багып чоңойтушчу. Бул чынында жакшы жөрөлгө. Чоң апалардын колунда чоңойгон балдар негизи эрке, бирок мээримге сугарылган, ар тараптан ой-туюму терең, тыңыраак болот. Анткени, чоң-ата, чоң-эне өзүндөгү көлкүп жаткан турмуштук тажрыйбасын сиңирет. Азыркы жаш үй-бүлөлөр балдарын чоң ата, чоң энелерине бергиси келбейт, өзүлөрү да чогуу турган качып, ээн-эркин жашагысы келет. Мунун турмушка тийгизген таасири, натыйжасы кандай болоорун убакыт көргөзүп жатат. Негизи, жаш үй-бүлөлөр улуулардын турмуштук бай тажрыйбасынын нугу жана ыгы менен кетсе, жаман болбойт деп ойлойм.

Өзүмдүн атам Алмазбек салык инспекциясында иштеди. Бул тармак боюнча отличник наамына татыган. Айылда сельсовет да болду. Учурда пенсионер. Эс алууга ыккандан кийин да, жумушун таштай албай азыркы учурда да иштеп жүрөт. Апам – физика-математика мугалими. Мектептин директору болуп иштеп жүрдү. Мени чоңойткон чоң атам да математика сабагынан мугалим болгон. Кыскасы, айылдык интеллигенциянын үй-бүлөсүндө чоңойдум.

Алардын берген тарбиясы менин адам катары калыптанышыма абдан чоң таасир этти. Эне катары, аял катары мен аларга терең ыраазымын. Азыр өзүмдүн балдарыма ошондой татыктуу тарбияны бере алдымбы же жокпу, билбейм. Бул суроо мени кээде терең ойго салат. Себеби, жашоо ыргагынын өзгөрүүсү, позитивдүү да, негативдүү да окуялардын тез-тез алмашып турушу, эң негизги жумушка байланыштуу убакыттын тардыгынан үйдөгү балдарыбызга руханий-нравалык, адеп-ахлак жагынан жетишээрлик деңгээлде тарбия берүүгө мүмкүнчүлүк болбой жаткандыгы өкүндүрөт. Интернет заманы биздин артыкчылыктарыбызды, баалуулуктарыбызды жана көз караштарды абдан эле өзгөрттү.

АСКАР ЧОҢ АТАМ – ТАРБИЯ БЕРҮҮНҮН МЫКТЫ ПЕДАГОГУ БОЛГОН

– Чоң атам өзү математик болсо да, чыгармачыл адам болгон. Жакшы жазчу. Тарбия берүүнүн дагы эң мыкты педагогу болгон. Дасторконго олтурганда тамак ичүүнүн эрежелеринен бери үйрөтчү. Мисалы, иерархия болуп тамак ичкенде төргө чоң атам, андан кийин чоң энем болуп катарынан улуулата олтурчубуз. Азыр актуалдуу маселеге айланган колду жуун келмейинче тамактанууга олтурчу эмеспиз. Башты ылдый салбай, денени түз кармап олтуруу, аз сүйлөө, ашты табактын ар кайсы жеринен эмес, ар ким өзүнүн астынан алуу керектигин, бычакты туура сунууну, майлыкты кантип берүүнүн тартибинен бери бүт үйрөтчү. Ошолордун баарын азыр ойлосом, чоң ата, чоң энелерим неберелерине турмуштук чоң тарбия ресурсун берген экен.

БАЛА КЕЗДЕ ЭЛЕ НАМЫСЫМДЫ ОЙГОТУШУПТУР

– Ар бир саатым эсептелүү болчу. “Жакшы окуш керек” деген сөздү кулагыма куюп турушкандыктан, алардын сөзүн эки кылбай мектепте абдан жакшы окудум. Староста болдум. Максатым – жакшы окуу болгон. Анткени, мектепте иштеген чоң атамды, апамды уят кылгым келген эмес. Азыр ойлосом, бала кезимде эле намысым күчтүү болгон экен. Бизди Ломоносов атындагы ММУну бүткөн, ар кайсы союздук республикалардан бүтүп келген күчтүү мугалимдер окутту. Учурдан пайдаланып, аларга да терең ыраазычылыгымды билдирем. Айлана-чөйрө, ата-эне жана үйдөгү тарбия баланын адам катары калыптанышына чоң роль ойнойт. “Уядан эмнени көрсөң, учканда ошону аласың” дегендей, үйдөн алган тарбияңды кийин балдарыңа, коомго берет экенсиң.

ФУТБОЛДО “ЧАБУУЛЧУ” БОЛЧУМУН

– Мектепте окуп жүргөндө футбол ойночумун. Боюмдун узундугунан класста дене тарбия сабагынан эң биринчи мен, анан классташ балдарым турчу. Физрук да болгом. Футболдо “нападающий” болчумун. Азыр деле футболго кызыгуум күч. Кээде ойноп калам. Каныбызда бар болсо керек. Менден кийинки инимдин 9-класста окуган кызы футболго катышат. Курама командага кирсем деген тилеги бар. Учурда Асел Оторбаевада жүрөт.

Ата-энем, чоң ата, чоң энелерим менден эч нерсени аябады. Кыскасы, балалыгым бал болуп абдан жакшы өттү.

ФОРТЕПИАНОНУ АЗЫР КӨРСӨМ ДА, ТУРА АЛБАЙ КЕТЕМ

– Менин аруу тилектеримдин бири – ак көйнөк кийип, ак фортепианодо ойноо эле. Бирок, ал кыялым аткарылбай калды. Мектепте жаңы эле үйрөнүп баштаганда, үйрөтүп жаткан пионер вожатыйыбыз турмушка чыгып кеткен. Апапакай сулуу эже эле. Өзүм кара тору болгондуктан, ак жүздүүлөргө абдан суктанчумун. Алар мага ааламды көтөрүп жүргөндөй сезилчү. Ошол эжекемдин апакайлыгына кызыгып, этегине жабышып, ээрчип жүрө берчүмүн. Турмушка чыгып кеткенден кийин, анын ордуна үйрөтө турган адам келбеди. Кийин бул нерсе калып кетти. Фортепианону азыр көрсөм да колум “кычышып” кетет. Өткөндө Питерге барганда эски 1896-жылкы Екатерина II убагындагы фортепианону көргөндө чыдабай кетип, бир аз ойнодум. Жакында эле Гүлзинат Суранчиевага: “Азыр кайра үйрөнсөм болобу?”- деп чалсам, “Сиздин колуңуз катып калды”, - деген жообун угуп, көңүлүм ооруду.

ИЙГИЛИКТИН АСТЫНДА ТУУРА БАГЫТ...

Ийгиликтин астында туура багыт, артында эмгек, чыдамкайлык, өжөрлүк, көк беттик турат. Эмгектин артында кээде кубаныч, кээде кайгыруу менен капалануу, керек болсо көз жаш менен ый да турат. Ийгилик тоголонуп эле келбейт. Жеке турмушумда болобу, саясий чөйрөдө болобу башыман көп нерсе өттү. Эң башкысы түз жүрүп, туура сүйлөсөң, кадамдарың туура болсо, акыры ийгиликке жетет экенсиң. Өзүмдүн турмуштук позициям бар. Эч качан бирөөнү жамандап, көрө албастык кылбайм. Мен ушунчалык Кудайга ыраазымын, көрө албастык сезимин жүрөгүмө салбаганына. Тааныштпы, тааныш эмеспи ким ийгиликке жетсе, мен анын фанатымын, колдоочусумун. Ушул жакшы касиетти көз алдымда багып келем.

ЖУРНАЛИСТТЕРДЕН МЫКТЫ ЭЛ ӨКҮЛҮ ЧЫГАТ

– Менин биринчи кесибим – журналист. Андан кийин да 2 билимге ээ болдум. Президенттин алдындагы магистратураны, И.Арабаев атындагы университеттин аспирантурасын бүтүрдүм. Учурда кандидаттык диссертациянын үстүндө иштеп жатам.

Журналисттердин ичинен депутат болгону эч кимди таң калтырбайт. Тескерисинче, коомдогу маалымат таратуу жүгүн көтөргөндөрдөн көбүнчөсү мыкты эл өкүлү чыгат. Башка тармактан келгендерден айырмаланып, журналист микрофондон, камерадан коркпойт. Негизги критерий бул болбосо да, журналисттерде өзүн эркин кармоо, сүйлөө речинин калыптанып калганы, аналитикалык ой жүгүртүүлөрүнүн эркиндиги, эрудициясы, интеллекти, такылдап так-так сүйлөп, тез эле элге алынып кеткени артыкчылыгы деп ойлойм.

МААЛЫМАТТЫ ИНТЕРНЕТТЕН АЛАМ

– Ааламдашуу мезгилинде санарип, кулачын кенен жайган интернет айдыңы чоң роль ойнойт. Буга байланыштуу азыр гезит-журналдарды кароо мурдагыга салыштырмалуу бир топ төмөндөп, коомдук пикирди түзүүдө алар алсыздай баштады. Кийинки кездерде көпчүлүк басылмалар позицияларын жоготуп, ушак-айыңдарга, жеке кызыкчылыктарга берилип, өз окурмандарын жогото баштады. Тилекке каршы, азыр окурмандар дагы жеңил-желпи маалыматтарды окуганга өтүшкөн. Аналитикалык ой-туюмдарыңды өнүктүрүү үчүн негизи гезиттен айрым тастыкталган маалыматтарды алган жакшы. Бирок, убакыттын тартыштыгынан күндүн күрдөөлдүү жаңылыктарын интернет сайттарынан, социалдык баракчалардан эле карап алабыз. Ошол эле маалыматты 2-3 күндөн кийин гезиттен окуунун зарылчылыгы жок. Себеби, сайттан алынган маалыматтын маани-маңызын айрым гезиттерден өзгөрүүсүз, кошумчасыз көргөнгө болот. Керек болсо, басылмалар да өз функциясын аткарууда интернетти пайдаланып калышканы айдан ачык. Сайттан окуган маалыматтарды гезиттер талдап, фактыларга, статистикага таянып терең изилдеп, кеңири аналитикалык материал кылып беришкенде, анда гезиттин кадыр-баркы көтөрүлүп, окумдуулугу артмак.

Өзүм убакыт боло калганда китеп окуйм. Мурда адабий чыгармаларга жакын болсом, азыр тарыхый китептерди окуганга ыктай баштадым. Айрыкча дүйнөлүк тарыхка назарымды бурам. Мурда залкар жазуучу Ч.Айтматовдун чыгармаларын кыргызча окусам, азыр ошол эле чыгармаларды кайрадан орус тилинде окуп жатам. Ошол кездеги кабылдоом менен азыркынын айырмасы таптакыр башка. Азыр окуп жатып көзүмө жаш алган учурлар көбүрөөк. Мындан сырткары Черчиллдин баскан жолун, Султан Раевдин “Жанжаза” романын окуп бүтөйүн деп койдум.

Бактыгүл КУЛАТАЕВА

Укуктук талаа

Коомдук ишмер Токтайым ҮМӨТАЛИЕВА:

«ЖОРУКТАР ЖОЛДО КАЛДЫ...»

Өткөн аптада Жогорку Кеңештин жыйынында депутаттар Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин, "Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексин, Кылмыш-жаза процессуалдык кодексин, Кыргыз Республикасынын башкаруу тартибине каршы укук бузуулар жөнүндө кодексин ишке киргизүү жана Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүү киргизүү жөнүндө" мыйзамдын, Кыргыз Республикасынын башкаруу тартибине каршы укук бузуулар жөнүндө кодексинин долбоорлорун карашты. Кызуу талкуудан соң, долбоорлор кабыл алынды. Сот жана укук коргоо ишин өркүндөтүү маселелери боюнча кеңештин алдындагы эксперттик жумушчу топтун мүчөсү Токтайым Үмөталиева менен жогоруда аталган кодекстердин долбоорлору тууралуу сөз кылдык.

- Токтайым Жумаковна, адатта социалдык тармакта дайыма коомдо көйгөй жараткан маселелерди көтөрүп, ага тынчсызданып турганыңызды гана көрчү элек. Бул жолу Жогорку Кеңеш жаңы кодекстердин долбоорлорун кабыл алгандыгын өзгөчө жакшы маанай менен белгиледиңиз...

- Албетте, кубанганымды жашырбайм. Анткени, аракеттеги кодекстерди өзгөртүүгө төрт жылдык убактымды, талыкпас эмгегимди арнадым. Мындай көшөргөн мамилемден улам белгилүү бир адамдардан тил укмак түгүл, куугунтукка тушуккам. Ошондуктан, бул жаңы кодекстердин жаралышына менин да үлүшүм бар деп сыймыктануу менен айта алам. Себеби, 2017-жылы даярдалган, азыркы аракеттеги кодекстерде өтө көп мүчүлүштүктөр бар эле. Аны укук талаасын жакшы билбеген адамдардын жазганы ачык эле көрүнүп калган. Ошол кездеги Президент А. Атамбаев кайра иштеп чыгуу зарылдыгын белгилеп 2019-жылга чейин бул кодекстердин ишке кирүүсүнө мораторий киргизген. 2019-жылы мораторий алынып ишке киргизебиз деген учурда мурдагы Президент С. Жээнбеков мамлекеттик эмес уюмдардын өкүлдөрү менен жолугушуу өткөрүп калды. Ошондо бул кодекстердин өмүрү жана өзүнүн бийлиги кыска болоорун эскерткем. Бирок, анын тегерегиндегилер мындай пикирлерди эске алмак тургай, тескерисинче куугунтукка алышты. Натыйжада эмне болду? Мамлекет укуктук жана коопсуздук жактан артка кетип, экономикалык жана саясий чоң зыянга учурадык. Азыр мындай кемчиликтерди оңдоого мүмкүнчүлүк берилди. Эми кылмышты иликтөө иштеринин эрежелери, мөөнөтү, жоопкерчилиги кайтарылып, укук талаасында белгилүү бир мейкиндик пайда болду.

- Жаңы долбоорлор мамлекетке кандай жаңылык, пайда алып келет?

- Кодекстердин 60 пайызын мурдагы топко мүчө болгондор менен чоң тирешүүлөрдүн натыйжасында өзгөрттүк.

Бир адам бирөөнүн үстүнөн арыз жазса, териштирүү жүргүзүлбөй туруп, дароо экинчиси "кылмышкер" болуп калган. Тергөөнүн мөөнөтү так көрсөтүлбөгөндүктөн, жылдан-жылга созулуп, кармалган кылмышка шектүү адам күтүп жата берет. Укук коргоо органдары кааласа камайт, каалабаса бошотуп жиберишет. Иликтөө иштери жүрбөй, эки жак тең чүнчүп жүрө беришет. Мындай иштер 50 миңден ашат. Азыр тергөө мөөнөтү так белгиленди. Кээ бир таасирдүү адамдар бере турганын берип, бошонуп кетип жатышат. Мындайча айтканда пара алууга түздөн-түз жол ачылган. Оор кылмыштар жоруктар катары көрсөтүлүп калган. Кыргызда "жоругуң жолдо калсын" деп бекер айтпайт да. Тамаша иретинде айтсам, Кудай буюрса ошол жоруктар жолдо калды. Долбоор ишке кирсе, укук-тук талаа өз нугуна кайтып, көп адамдардын тагдыры чечилет. Аны менен бирге мамлекет түз жолго түшөт.

- "Мыйзам буйдаланган төө" деген түшүнүк калыптанып, айрым учурда оор кылмыштан жеңил жаза менен кутулуп, кээ бирде жеңил кылмыш кылгандарга оор жаза берилип калган учурлар бар. Бул жагы кандай каралды?

- Оор кылмыштарды кароону оң жолго салганга бир топ шарттар түзүлдү. Бирок, кээ бир оор кылмыштардын жоопкерчилиги жеңилдеди. Маселен, акча уурдаган кылмышкер келтирген чыгымын ордуна коёт. Андан сырткары дагы жазасын өтөйт. Мындай кош жаза жоюлду. Санай берсем диверсиялык багытта кабыл алынган кодекстерде оркойгон кемчиликтер көп болду. А түгүл акыла сыйбаган жагдайлар кирип калган. Мына ушундай калпыстыктардын үстүндө эксперттик топ үч ай тынбай иштедик. Тегерек столдорду уюштурууда донорлордон каражат албай өз чөнтөгүбүздөн 500-1000 сомдон акча чогултуп, кара нан менен кофе брейктерди өткөрдүк.

- Ар бир иште кемчиликтер болот эмеспи. Жаңы кодекстерди иштеп чыгууда кандай мүчүлүштүктөр болду?

- Дагы бир топ нерсени жылдыра албай калдык. Жумушчу топто аракеттеги кодекстерди иштеп чыккандар олтурду. Кызуу талаш-тартыштар болду. Мамлекеттик комиссияга мамлекеттик эмес уюмдардан Чолпон Жакуповадан башка өкүлдөр кирген жок. Ал эми жумушчу топто белгилүү укук коргоочулардан мен эле жалгыз болдум. Анткен менен мурдагыдан өзгөчөлөнүп белгилүү профессорлор киргендигин белгилеп коёюн. Мисалы, Венера Табалдиева, Чолпонкул Арабаев, Тимур Иманкулов, Догдурбек Осмоналиев, Турдукан Жумабековалар укук талааны мыкты билген адамдар.

- Жогорку Кеңеште талкуу жүргөн учурда күтүлбөгөн жагдайлар да чыкса керек?

- Тилекке каршы, депутаттар өздөрүнүн кол тийбестигин бекемдеп коюшту. Эми депутаттарды жоопко тартыш оор болуп калат. Сунуштарын ооз эки айтышты, эми жазуу түрүндө беришет.

- Жаңы кодекстер качан ишке кирет?

- Айрымдар эмдиги жылга калтырууну каалашкан. Бирок, тилекке жараша 1-сентябрдан тартып иштей баштайт. Депутаттар жалпысынан колдоп беришти. Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитетинен кулатып коё жаздашты. Азыр 50 миң адамдын тагдыры абада илинип турат. Ошондуктан, аларды күттүрбөй ары же бери кылып чечим чыгаруу керек. Ар бир адамдын артында канча адам тынчсызданып менен күтүп жүрүшөт. Тергөөчүлөрдүн кагаз иштери кыскарып, жоопкерчилиги күчөтүлөт. Бул иштин алдыга жылышына алда канча түрткү болот

- Көңүлүңүздө кандай көйгөй калды?

- Мен өзүмдүн жеке сунушумду киргизе албай калдым. Эми Президент Садыр Нургожоевичке кайрылам. Анткени, анын мыйзамга өзгөртүү жана толуктоо киргизүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Бизде орчундуу укук коргоо деген кеңири түшүнүк жок болуп кетти. Мурда сотто иш каралган учурда туугану, мамлекеттик эмес уюмдардын өкүлдөрү, керек болсо саясий партиялардын мүчөлөрү катышчу. Азыр жактоочулар катары адвокаттар гана катыша алышат. Жактоочу жалдайын десең эң арзаны 80 миң сом. Бирок, ишти кыйратып деле алып барбайт. Лицензиясы болгону менен билими төмөн. Жалпысынан алганда 20 пайызын гана өз ишин мыкты билген кесипкөй десем болот. Эмне үчүн кылмышка шектүү деп кармалган адамдын юридикалык билими бар туугану катыша албайт? Бардык эле адамдардын жактоочу жалдоого каражаттары жетише бербейт. Жетим-жесирлерди, карапайым адамдарды ким коргойт?! Мамлекеттик жактоочулар бир-эки жолу эптеп-септеп келет. Ошол бойдон жок болот. Миң сом үчүн ишти аягына чейин алып барууга кызыкчылыктары жок. Карапайым калктын иштери каралбай созулуп кеткендери да ошондон. Бул багытта Президент элдин кызыкчылыгын колдойт деген ишенимим бар.

Жылдыз ДЫЙКАНОВА

Кыргыз элине абдан ыраазыбыз

Жогорку Кеңештин депутаты Пархат ТУЛЕНДЫБАЕВ:

"Эркиндик – эң чоң бакыт"

- Пархат Розымович, сиз депутат катары өлкөнүн социалдык-экономикалык абалына тыгыз аралашып келатасыз. Кыргыз Республикасы эгемендик алгандан кийин кандай ийгиликтерге жетишти деп ойлойсуз?

- Эгемендик алуу, эркин болуу – чоң бакыт. Бул айтып бүтө алгыс чоң сөз. Эгемендик алгандан кийин өлкө абдан кыйналды. Себеби, союздук республикаларды атайын бири-бирине көз каранды кылышкан. Мисалы, машинанын дөңгөлөгү бир өлкөдө жасалса, моторун башка республика чыгарчу. Ошентип, 15 республика биринин жогун бири толуктап турчу. Ушул республикалардын ар бирине эгемендик келди. Бул жөндөн-жөн келбейт, бул Кудайдын амири менен болду. Бирок, бул республикалар абдан кыйналды, жумушсуздук күчөдү. Бул учурда чек аралар ачылып, жумушсуз кыйналган эл Кытайдан товарларды ташый баштады. Акырындык менен соодагерлер бутуна турду. Азыр Ошто машина чыгаруучу завод ишке киришип жатат. Бардыгы акырындык менен жасалып, завод-фабрикалар курулуп, көп нерсе өзүбүздө жасалат деп ойлойм.

- Бирок, буга чейин дагы көп нерседен кур калдык окшойт.

- Белоруссия өзүнүн айыл чарба кооперативдерин таратпай, завод-фабрикаларын сактап калышты. Андагы станоктор, миллиарддарга бааланган мүлктөрү тонолуп кеткен жок. Бизде эмне болду? Миңдеген киши иштеген завод-фабрикалардын иши токтоду, андагы баалуу металлдар сатылып кетти. Өткөндөн сабак алып, эми алдыга акырындык менен жылыш керек. Элибиз акылдуу, күчтүү.

- Кыргыз эли башка улуттарга тийишпеген, пейили кенен, кимди болбосун кучагына батырган айкөл эл. Ушундай шартта уйгур калкы да байып, бактылуу жашап келишет. Уйгур элинин өкүлү катары сиз да буга кошулсаңыз керек.

- Абдан туура айттыңыз. Берекелүү кыргыз жергесинде расмий 55 миң уйгур эли жашайт. Кыргыз эли толеранттуу калк, эч кандай милдет такпайт. Уйгур эли тынч жашап, өнүгүп-өстү, байыды. Уйгурлардын атынан кыргыз элиме чоң ыраазычылык билдирем, Алла ыраазы болсун. Уйгурлардын көбү ишкерчиликте иштеп, экономикага өз салымын кошуп жатышат. Айылдык, шаардык, Жогорку Кеңеште да уйгур улутунан өкүлдөр иштешет. Эмнеге мындай? Анткени, кыргыз элинин жүрөгү ачык, кең пейил. Кыргыздар менен динибиз бир, мазарыбыз бир. Эң байыркы улуттар – кыргыздар менен уйгурлар. Канча кылымдардан бери чогуу, алакалаш жашап келатабыз. Кыргыз өлкөсү өз ичине канчалаган башка улуттарды батырып, милдет кылбай жашап келатат. Көп улуттуу элибиз аман болсун. Ынтымакта жашайлы, асманыбыз ачык турсун.

- Кыргыз өлкөсүнө өнүгүү үчүн биринчи эмне керек деп ойлойсуз?

- Өлкөгө биринчи туруктуулук керек. Тынчтык менен туруктуулук болсо эле калганын жасаса болот. Өлкө ресурска бай. Биринчиден, эл ресурсу. Кыргыз эли эмгекчил эл. Мигрант болуп чыгып кеткенде да ийкемдүүлүгү менен Россия элине тез алынып кетти. Кыргыздар иштеген жумуштарда орто-азиялыктарды мындай кой, славян эли делген украиндер, белорустар мынчалык батып иштей алышпайт. Кыргыз мигранттары азыр абдан бутуна турушту, өз өлкөсүнө инвестиция салууга даяр. Кыргыздар өзгөрүүнү тез кабыл алган эл. Эл ресурсунан сырткары, кен байлыктар, мөңгү суулар эмне деген байлык.

Сымбат МАКСУТОВА

Куш кабар

Дыйкан, фермерлерди камсыздандыруу колго алынат

Бул тууралуу Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлигинин бөлүм башчысы Жигитали Жумалиев билдирди. Анын айтымында, Агро камсыздандыруу боюнча мыйзам долбоору иштелип чыкты. Ал дыйкан, фермерлердин укугун коргойт жана жардам берет. Мындай мыйзам учурда көптөгөн өлкөлөрдө колдонулуп келгенин айткан Жигиталы Жумалиев "2009-жылдын 26-январында "Бир типтеги өсүмдүктөрдүн өзгөчөлүгү жөнүндө" мыйзам чыккан. Тилекке каршы, ал жетиштүү деңгээлде иштеп кеткен жок. Мындан улам ага өзгөртүүлөр сунушталып, агро камсыздандырууну киргизүү пландалууда. Ага ылайык, камсыздандырууда ар бир өсүмдүк боюнча ар башка тариф коюлат. Табигый кырсыктардан кийинки чыгымдын 50 пайызын мамлекет, калганын дыйкандар каржылайт. Бул дыйкан, фермерлерди ар кандай тобокелчиликтерден коргойт", — деп баса белгиледи. Мыйзам долбоорунда агро камсыздандыруу ыктыярдуу түрдө жүргүзүлө тургандыгы да каралган.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ИШТИН АЙРЫМ ТҮРЛӨРҮН ЛИЦЕНЗИЯЛОО ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ УБАКТЫЛУУ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Отун-энергетикалык комплекси чөйрөсүндөгү ишкердик субъекттердин ишин лицензиялоо маселелерин жөнгө салуу максатында, "Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Отун-энергетикалык комплекси чөйрөсүндөгү иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо тартиби жөнүндө убактылуу жобо (мындан ары -Убактылуу жобо) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Убактылуу жобонун 2023-жылдын 31-декабрына чейин колдонулары белгиленсин.

3. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-февралындагы №59 "Отун-энергетикалык комплекси жаатындагы иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо маселелери жөнүндө" токтомунун 1 жана 2-пункттары;

2) "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-февралындагы №59 "Отун-энергетикалык комплекси жаатындагы иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо маселелери жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-декабрындагы №669 токтому;

3) "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-февралындагы №59 "Отун-энергетикалык комплекси жаатындагы иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо маселелери жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 20-январындагы №16 токтому.

4. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 24-июлу, №87

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТЕСКЕМЕСИ

1. 2014-жылдын 23-декабрындагы Евразия экономикалык бирлигинин алкагында медициналык буюмдарды (медициналык багыттагы буюмдарды жана медициналык техниканы) жүгүртүүнүн бирдиктүү принциптери жана эрежелери жөнүндө макулдашууга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө протоколдун расмий тилде тиркелген долбоору жактырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрине аталган Протоколго принциптүү эмес мүнөздөгү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү укугу менен кол коюуга ыйгарым укук берилсин.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 28-июлу, №119-т

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2017-ЖЫЛДЫН 4-МАЙЫНДАГЫ №253 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТКАРУУ БИЙЛИГИНИН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН КАРАМАГЫНДАГЫ БАШКА УЮМДАРДЫН, ОШОНДОЙ ЭЛЕ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАШКА МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН ТЕХНИКАЛЫК ЖАНА ТЕЙЛӨӨЧҮ ПЕРСОНАЛЫНЫН ШТАТТЫК САНЫНЫН ЧЕГИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮНҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарына кошумча бөлүнүп берилген административдик имараттардын жана автотранспорт каражаттарынын талаптагыдай техникалык абалын сактоо жана аларды андан ары тейлөө максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 4-майындагы №253 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин карамагындагы башка уюмдардын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемесинде:

- 1-пунктундагы "341", "35" жана "306" деген цифралар тиешелүү түрдө "368", "57" жана "311" деген цифралар менен алмаштырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлиги "Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун даярдоодо Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына ушул токтомго ылайык белгиленген тартипте кошумча акча каражаттарын бөлүп берүүнү карасын.

3. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына өзүнүн чечимдерин бул токтомго ылайык келтирүү сунушталсын.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 29-июлу, №94

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ЖАНА ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНИН ИШИНИН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин органдарын реформалоого байланыштуу уюштуруу чараларын көрүү максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 5-майындагы №114 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Жарлыгына, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 10-мартындагы №85 «Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигинин маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлиги жөнүндө жободо:

- 1-пунктунун 1-пунктчасында:

үчүнчү абзацындагы «инвестициялык,» деген сөз алып салынсын;

төртүнчү, бешинчи жана он биринчи абзацтары күчүн жоготту деп таанылсын;

- 11-пунктунда:

2-пунктчасындагы «жана мамлекеттик мүлктү» деген сөздөр алып салынсын;

4-пунктчасындагы «өлкөнүн инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу жана» деген сөздөр алып салынсын;

5-пунктчасынын экинчи абзацындагы «инвестициялык,» деген сөз алып салынсын;

5-пунктчасынын алтынчы абзацындагы «мамлекеттик-жеке өнөктөштүк;» деген сөздөр алып салынсын;

9-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын;

- 12-пунктунда:

1-пунктчасында:

он бешинчи абзацындагы «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө (мындан ары - Өкмөт)» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине (мындан ары - Министрлер Кабинети)» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

кырк үчүнчү, кырк төртүнчү, элүү үчүнчү, элүү жетинчи, сексенинчи, сексен төртүнчү жана сексен алтынчы абзацтары күчүн жоготту деп таанылсын;

кырк алтынчы, элүү төртүнчү, сексен экинчи абзацтарындагы түрдүү жөндөмөдөгү «Өкмөт» деген сөз тийиштүү жөндөмөдөгү «Министрлер Кабинети» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

сексен биринчи абзацындагы «Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министри - экономика жана финансы министри (мындан ары -вице-премьер-министр - экономика жана финансы министри)» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары - экономика жана финансы министри (мындан ары - Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары - экономика жана финансы министри)» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы токсон төртүнчү абзац менен толукталсын:

«- катталган экспорттоочулар системасын (REX) башкарат, ошондой эле ушул системанын маалымат базасында ата мекендик экспорттоочуларды каттайт;»;

- 2-пунктчасында:

жыйырманчы абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы жыйырма алтынчы абзац менен толукталсын:

«- Европа бирлигинин Комиссиясынын 2015-жылдын 24-ноябрындагы №2015/2447 аткаруучу, регламентине ылайык экспорттоочулардын мүмкүнчүлүктөрүнө экспорттук диагностика жана баалоо жүргүзөт;»;

- 3-пунктчасында:

он бешинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«- министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу административдик ведомстволордун ишин баалоо боюнча иш жүргүзөт;»;

5-пунктчасы төмөнкүдөй мазмундагы жыйырма экинчи абзац менен толукталсын:

«- Европа бирлигинин Комиссиясынын 2015-жылдын 24-ноябрындагы №2015/2447 аткаруучу регламентине ылайык ата мекендик продукция жөнүндө чет элдик импорттоочуларды маалымдайт;»;

отуз биринчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

- 14-пунктундагы «вице-премьер-министр — экономика жана финансы министри» деген сөздөр «Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары - экономика жана финансы министри» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 17-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«17. Министрдин биринчи орун басарлары жана орун басарлары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген тартипте кызмат ордуна дайындалат жана кызмат ордунан бошотулат, Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары - экономика жана финансы министрине түздөн-түз баш ийишет жана аларга жүктөлгөн милдеттердин чегинде Министрликтин ишин уюштурушат. Министрдин орун басарларынын бири Министрликтин Борбордук казыналыгынын директору болуп саналат.»;

- 18-пунктунда:

биринчи абзацындагы «Вице-премьер-министр - экономика жана финансы министри» деген сөздөр «Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары — экономика жана финансы министри» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

4-пунктчасындагы «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн» деген сөздөр «Министрлер Кабинетинин» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

5-пунктчасындагы «Кыргыз Республикасынын Премьер-министрине» деген сөздөр «Министрлер Кабинетинин Төрагасына» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

7-пунктчасындагы «вице-премьер-министр - экономика жана финансы министрин» деген сөздөр «Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары - экономика жана финансы министрин» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

10-пунктчасындагы «Өкмөттүн» деген сөз «Министрлер Кабинетинин» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

13 жана 14-пунктчалары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«13) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасына Министрликтин мамлекеттик агенттик, мамлекеттик кызмат, мамлекеттик инспекция жана фонддор түрүндө түзүлгөн ведомстволук бөлүмдөрүнүн жетекчилерин, ошондой эле ведомстволук бөлүмдөрүнүн жетекчиларинин орун басарларын кызмат ордуна дайындоо жана кызмат ордунан бошотуу үчүн сунушту белгиленген тартипте киргизет;

14) мамлекеттик агенттик, мамлекеттик кызмат, мамлекеттик инспекция жана фонддор түрүндө түзүлгөн ведомстволук бөлүмдөрдүн жетекчиларинин орун басарларынан тышкары, ведомстволук бөлүмдөрдүн жетекчиларинин сунуштары боюнча ведомстволук бөлүмдөрдүн жетекчиларинин орун басарларын кызмат ордуна дайындайт жана бошотот, сыйлоо жана тартиптик жаза чараларын көрөт;»;

15 жана 17-пунктчалары күчүн жоготту деп таанылсын;

- 20-пунктундагы «вице-премьер-министрдин - экономика жана финансы министринин» деген сөздөр «Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары - экономика жана финансы министринин» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 21-пунктундагы «Өкмөтүнүн Аппаратынын» деген сөздөр «Президентинин Администрациясынын» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 22-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«22. Министрликтин коллегиясынын мүчөлөрүнүн жекече курамы Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын тейлөөчү түзүмдүк бөлүмү менен макулдашуу боюнча Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары - экономика жана финансы министри тарабынан бекитилет.».

- 26-пунктундагы «вице-премьер-министр - экономика жана финансы министри» деген сөздөр «Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары - экономика жана финансы министри» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигин башкаруу схемасы ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 1-апрелиндеги №128 «Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана уюмдарынын маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 2-пунктунун 26-пункчасындагы «министрлигине караштуу» деген сөздөр «министрлигинин» деген сөз менен алмаштырылсын;

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттиги жөнүндө жободо:

- 19-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«19. Мамагенттикти Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары - экономика жана финансы министринин (мындан ары - Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары - экономика жана финансы министри) сунуштоосу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан кызматка дайындалуучу жана кызматтан бошотулуучу директор жетектейт.

Мамагенттиктин директору Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары - экономика жана финансы министрине түздөн-түз баш иет.»;

- 21-пунктунун 3 жана 7-пунктчаларындагы түрдүү жөндөмөдөгү «Вице-премьер-министр - экономика жана финансы министри» деген сөздөр тийиштүү жөндөмөдөгү «Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары - экономика жана финансы министри» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 22-пунктунун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Мамагенттиктин түзүмү жана штаттык ырааттамасы Мамагенттиктин милдеттеринин жана функцияларынын өзгөрүшүнө байланыштуу гана өзгөрүшү мүмкүн болгон бекитилген штаттык сандын жана эмгек акы төлөө фондунун чегинде Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары -экономика жана финансы министри тарабынан бекитилет. Мында директордун дайындалышы Мамагенттиктин түзүмүн өзгөртүүгө негиз болуп саналбайт.»;

- 23-пунктунда:

биринчи абзацындагы «Өкмөтүнүн Аппаратынын» деген сөздөр «Президентинин Администрациясынын» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

экинчи абзацындагы «Вице-премьер-министр - экономика жана финансы министри» деген сөздөр «Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары - экономика жана финансы министри» деген сөздөр менен алмаштырылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрүшсүн.

4. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын экономика жана финансы бөлүмүнө жүктөлсүн.

5. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 28-июлу, №90

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2019-ЖЫЛДЫН 29-ОКТЯБРЫНДАГЫ №579 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ДАРЫ КАРАЖАТТАРЫНА БААЛАРДЫ ЖӨНГӨ САЛУУНУН УБАКТЫЛУУ ЭРЕЖЕЛЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Дары каражаттарына бааларды жөнгө салуу механизмин апробациялоо боюнча пилоттук долбоорду андан ары ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү, коронавирустук инфекция (COVID-19) пандемиясынын шарттарында дары каражаттары менен калкты камсыздоо максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 29-октябрындагы №579 «Кыргыз Республикасында дары каражаттарына бааларды жөнгө салуунун убактылуу эрежелерин бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

-1-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлиги ушул токтом күчүнө киргенден кийин, 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мөөнөттө Кыргыз Республикасынын аймагында Милдеттүү медициналык камсыздандыруунун кошумча программасы жана Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоонун мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча орду толтурулуучу дары каражаттарынын маалымдамасына киргизилген дары каражаттарына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлиги тарабынан бекитилген коронавирустук инфекцияны (COVID-19) дарылоо үчүн зарыл болгон дары каражаттарынын тизмегине киргизилген, катталган дары каражаттарына бааларды жөнгө салуу механизмин апробациялоо боюнча пилоттук долбоорду жүргүзсүн.»;

- 3-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3. Дары каражаттарына бааларды каттоо үчүн дары каражаттарын мамлекеттик каттоо жөнүндө каттоо күбөлүгүнүн кармоочулары 2021-жылдын 1-сентябрына чейинки мөөнөттө дары каражаттарынын жана медициналык буюмдардын жүгүртүлүшүн жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын ведомстволук бөлүмүнө Милдеттүү медициналык камсыздандыруунун кошумча программасы жана Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоонун мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча орду толтурулуучу дары каражаттарынын маалымдамасына киргизилген дары каражаттарына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлиги тарабынан бекитилген коронавирустук инфекцияны (COVID-19) дарылоо үчүн зарыл болгон дары каражаттарынын тизмегине киргизилген, катталган дары каражаттарына бааларды каттоо тууралуу арызды ушул токтомдун 2-пунктунда бекитилген Кыргыз Республикасында дары каражаттарына бааларды жөнгө салуунун убактылуу эрежелеринде аныкталган тартипте берүүсү керек деп белгиленсин.»;

- 4-пунктунда:

биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«4. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлиги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттиги менен биргеликте:»;

төртүнчү абзацындагы «Өкмөтүнүн» деген сөз «Министрлер Кабинетинин» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 5-пунктундагы «Өкмөтүнүн Аппаратынын социалдык өнүктүрүү бөлүмүнө» деген сөздөр «Президентинин Администрациясынын саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү бөлүмүнө» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 6-пунктундагы «2021-жылдын 31-декабрына» деген сөздөр «2022-жылдын 31-декабрына» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- жогоруда аталган токтомдун тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

2. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Төрага **У.МАРИПОВ**

Бишкек шаары, 2021-жылдын 28-июлу, №91

2021-ЖЫЛДЫН 11-ИЮНУНДА ӨТКӨРҮЛГӨН БАТКЕН ОБЛУСУНУН КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН КЫРГЫЗ-КЫШТАК АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН БАШЧЫСЫН ШАЙЛООДО ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ ЖАНА ШАЙЛООНУН НАТЫЙЖАСЫ ТУУРАЛУУ ПРОТОКОЛДОРДУ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

2021-жылдын 11-июнунда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 25-майындагы №302 токтому менен дайындалган Баткен облусунун Кадамжай районунун Кыргыз-Кыштак айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоо болуп өттү.

Кыргыз-Кыштак айыл өкмөтүнүн башчысынын кызмат ордуна 2 талапкер – Досатов Дастанбек Мамасыдыкович, Тагаева Райкан Тайкараевна - Кыргыз-Кыштак айылдык кеңешинин депутаттарынан сунушталып катталган.

Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндөгү 2021-жылдын 11-июнундагы протоколу менен Кыргыз-Кыштак айылдык кеңешиндеги бардык 21 депутаты катышып, Д. Досатовго – 11 добуш, Р.Тагаевага – 10 добуш, «бардык талапкерлерге каршы» позициясына – 0 добуш берилгендиги белгиленген.

Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын шайлоонун натыйжасы жөнүндөгү 2021-жылдын 11-июнундагы протоколу менен Досатов Дастанбек Мамасыдыкович Кыргыз-Кыштак айыл өкмөтүнүн башчысы болуп шайлангандыгы аныкталган.

2021-жылдын 14-июнунда Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына (мындан ары - Борбордук шайлоо комиссиясы) Р.Т.Тагаевадан арыз келип түшкөн, арызды карап чыгып жыйынтыгында Борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 21-июнунда №117 чечимин кабыл алынган. Аталган чечимдин 2-пункту менен Кадамжай АШКнын 2021-жылдын 11-июнундагы Баткен облусунун Кадамжай районунун Кыргыз-Кыштак айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө протоколу жана 2021-жылдын 11-июнундагы Баткен облусунун Кадамжай районунун Кыргыз-Кыштак айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоонун натыйжасы жөнүндө Кадамжай АШКнын протоколу жокко чыгарылган.

2021-жылдын 29-июнунда Д.М.Досатов Бишкек шаарынын административдик сотуна Борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 21-июнундагы №117 чечимин жараксыз деп табуу жөнүндө доо арызы менен кайрылган.

2021-жылдын 24-июлунда Д.Досатовдун сотко кайрылуусунун натыйжасында Бишкек шаарынын административдик сотунун чечими менен Д.М.Досатовдун доо арызы канааттандырылып, Борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 21-июнундагы №117 чечиминин 2-пункту жокко чыгарылган. Бишкек шаарынын административдик соттун чечими кассациялык инстанцияда даттанылган жок.

2021-жылдын 11-июнундагы Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын Кыргыз-Кыштак айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыгы жана шайлоонун натыйжасы тууралуу протоколдорунун негизинде, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 49-беренесине, Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2017-жылдын 6-январындагы №3 токтому менен бекитилген «Айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоонун тартиби жөнүндө» Жобосуна ылайык Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2021-жылдын 11-июнунда өткөрүлгөн Баткен облусунун Кадамжай районунун Кыргыз-Кыштак айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыгы жана шайлоонун натыйжасы тууралуу Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 11-июнундагы протоколдору бекитилсин.

1.1. Баткен облусунун Кадамжай районунун Кыргыз-Кыштак айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоо өттү деп табылсын.

1.2. Досатов Дастанбек Мамасыдыкович Баткен облусунун Кадамжай районунун Кыргыз-Кыштак айыл өкмөтүнүн башчысы болуп шайланды деп табылсын.

2. Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясы шайланган Кыргыз-Кыштак айыл өкмөтүнүн башчысына белгиленген үлгүдөгү күбөлүктү тапшырсын.

3. Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Н.Койчукеевге жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2021-жылдын 30-июлу, №642

2021-ЖЫЛДЫН 11-ИЮЛУНДА БОЛУП ӨТКӨН ОШ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН КАЙТАЛАП ШАЙЛООНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ ОШ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН ПРОТОКОЛУ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

2021-жылдын 11-июлунда Кыргыз Ресрпубликасынын Президентинин 2021-жылдын 27-майындагы ПЖ №231 Жарлыгы менен дайындалган Ош шаардык кеңешинин депутаттарын кайталап шайлоо болуп өттү.

Ош шаардык кеңешинде мандаттардын саны 45ти түзөт. Ош шаардык кеңешине шайлоону өткөрүү үчүн 1 бирдиктүү шайлоо округу жана 78 шайлоо участкалары түзүлгөн. Ош шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоого катышуу үчүн 9 саясий партиянын талапкерлеринин тизмеси катталган.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) 2021-жылдын 9-июлундагы №621 токтому менен «Ынтымак» саясий партиясынын Ош шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкерлеринин тизмесин каттоо жокко чыгарылган.

Кайталап шайлоого шайлоочулардын тизмесине киргизилгендердин саны 152718 шайлоочуну түзгөн, добуш берүүгө 65469 шайлоочу катышкан, бул шайлоочулардын жалпы санынын 42,87%ын түзөт.

Ош аймактык шайлоо комиссиясынын (мындан ары – Ош АШК) 2021-жылдын 14-июлундагы №30 чечими менен Ош шаардык кеңешинин депутаттарын кайталап шайлоодо №5308 шайлоо участкасындагы добуш берүүнүн жыйынтыктары анык эмес деп таанылган.

«Жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 37, 38, 51, 56-1-беренелерине, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине ылайык, Ош АШК 77 (78ден) участкалык шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорунун негизинде кайталап шайлоону болуп өттү деп таанып, Ош шаардык кеңешинин депутаттарын кайталап шайлоонун натыйжаларын аныктаган.

Ош АШКнын протоколдорунун маалыматына ылайык 2021-жылдын 11-июлундагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жана шайлоонун натыйжалары тууралуу Ош АШКнын протоколдорунун маалыматтарына ылайык, төмөндөгү 4 саясий партиянын талапкерлеринин тизмеси 7 жана андан көп пайыз шайлоочулардын добуштарын алышкан:

- «Ата-Журт Кыргызстан» - 38,91% (19 мандат);
- «Биздин Кыргызстан» - 32,41% (15 мандат);
- «Улуттар Биримдиги элдик партиясы» - 15,51% (7 мандат);
- «Бир Бол» - 7,85% (4 мандат).

Ош шаардык кеңешинин депутаттарын кайталап шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде Борбордук шайлоо комиссиясына, Ош аймактык шайлоо комиссиясына, укук коргоо органдарына бардыгы болуп шайлоо мыйзамдарын бузган учулар тууралуу 67 билдирүү, арыз жана даттануу келип түшкөн. Келип түшкөн билдирүү, арыз жана даттануулар мыйзамдарда белгиленген компетенцияларга ылайык каралып, Ош аймактык шайлоо комиссиясы, укук коргоо органдары тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тийиштүү чаралар кабыл алынган.

Шайлоочулардын добуштарын сатып алуу фактылары боюнча укук коргоо органдары берген бир катар материалдар боюнча Ош аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан шайлоо комиссияларынын ыйгарым укуктарынын алкагында конституциялык-укуктук жоопкерчилик чаралары кабыл алынган эмес.

Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйынында Ош шаарынын ички иштер башкы башкармалыгынын тергөө кызматынын бөлүмүнүн начальниги А.И. Кадыров чыгып сүйлөп, Ош шаардык кеңешинин депутаттарын кайталап шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде шайлоо мыйзамдарын бузуу боюнча кабыл алынган чаралар тууралуу маалымат берди (тиркелет).

Укук коргоо органдары берген маалыматтарга ылайык:

1) Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 192-беренесинде каралган кылмышты (шайлоочуларды сатып алуу) жасагандыгына шектенүү жөнүндө маалымдама тапшырылып, кылмыш белгилери боюнча бир катар материалдар сотко жөнөтүлгөн:

- Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 192-беренесинин 2-бөлүгү боюнча «Биздин Кыргызстан» саясий партиясынан талапкер Н.А. Таджибаевага карата бир иш;
- Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 192-беренесинин 1-бөлүгү боюнча «Биздин Кыргызстан» саясий партиясынын пайдасына шайлоочулардын добушун сатып алууну ишке ашырышкан бир катар адамдарга карата эки иш;
- Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 192-беренесинин 2-бөлүгү боюнча «Бир Бол» саясий партиясынан Ош шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкер С.З. Патидиновго карата иш.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесинин 3-бөлүгүндө шайлоо дайындалган учурдан тартып шайлоочуларды сатып алууга тыюу салынары белгиленген.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык *«Шайлоо комиссиялары шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн белгиленген тартибинин сакталышына контролдук кылат жана кетирилген бузууларды четтетүү боюнча чараларды кабыл алат».*

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесинин 8-бөлүгүнө ылайык *«Талапкер, саясий партия, ошондой эле алардын өкүлдөрү, жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет басылмалар ушул берененин 2, 3, 5 жана 6-бөлүктөрүнүн талаптарын бузган учурда шайлоо комиссиялары, шайлоочулар, талапкер, саясий партия, ошондой эле алардын өкүлдөрү, жалпыга маалымдоо каражаттары укукка каршы үгүт ишине бөгөт коюу жана күнөөлүү жактарды ушул Мыйзам жана колдонуудагы мыйзамдар менен белгиленген тартипте жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунуш менен укук коргоо органдарына, сотко кайрылууга милдеттүү.*

Укук коргоо органдары укукка каршы үгүт ишине бөгөт коюу боюнча чараларды көрүүгө жана табылган фактылар менен көрүлгөн чаралар жөнүндө тиешелүү шайлоо комиссиясына токтоосуз маалымдоого милдеттүү».

Ошондой эле «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 41-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык *«Шайлоого даярдык көрүүдө жана өткөрүүдө шайлоо комиссиялары, прокуратура органдары, ички иштер ор-*

(Уландысы 12-бетте)

2021-ЖЫЛДЫН 11-ИЮЛУНДА БОЛУП ӨТКӨН ОШ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН КАЙТАЛАП ШАЙЛООНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ ОШ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН ПРОТОКОЛУ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

(Башталышы 11-бетте)

гандары Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, ушул Мыйзамдын жана башка мыйзамдарынын талаптарынын так сакталышын камсыз кылат».

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 41-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык шайлоо комиссиялары тарабынан шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө шайлоо комиссияларынын бардык деңгээлдеринде ыкчам чара көрүүчү координациялык топтор түзүлөт, анын курамына укук коргоо органдарынын өкүлдөрү кирет.

Ыкчам чара көрүүчү координациялык топтун, Ош аймактык шайлоо комиссиясынын маалыматтарына, Ош шаарынын ички иштер башкы башкармалыгынын тергөө кызматынын расмий маалыматына таянуу менен Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясы Ош шаардык кеңешинин депутаттарын кайталап шайлоону өткөрүүдө мыйзамдарга ылайык талапкерди жана талапкерлердин тизмесин каттоону жокко чыгарууга негиз болгон шайлоочулардын добуштарын сатып алуу фактысы болгондугун белгилейт.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 44-беренесинин 2-бөлүгүнүн 6 жана 7-пункттарына ылайык *«Талапкерди каттоону жокко чыгаруу добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирилбестен төмөнкү учурларда жокко чыгарылат:*

- ушул Мыйзамдын 22-28-беренелери менен каралган шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелерин бузууга талапкердин, анын өкүлүнүн түздөн-түз тиешелүүлүгү бардыгы ыраста лганда;

- талапкер, анын өкүлдөрү, ошондой эле талапкердин жубайы жана (же) жакын туугандары тарабынан шайлоочуларды сатып алынгандыгынын же талапкердин шайлоочуларды сатып алууга тиешелүүлүгү бар экендигинин фактылары ыраста лганда».

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 44-беренесинин 3-бөлүгүнүн 5 жана 6-пункттарына ылайык «Талапкерлердин тизмесин каттоо добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күн калгандан кечиктирбестен төмөнкү учурларда жокко чыгарылат:

- аткаруу органдарынын жетекчилигинин же кызматкерлеринин саясий партиялардын өкүлдөрүнүн ушул Мыйзамдын 22-28-беренелери менен каралган шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелерин бузууга түздөн-түз тиешелүүлүгү бардыгы фактылары ыраста лганда;

- саясий партиянын аткаруу органынын жетекчилигинин, кызматкерлеринин же өкүлдөрүнүн шайлоочуларды сатып алуусунун же алардын шайлоочуларды сатып алууга тиешелүүлүгү бар экендигинин фактылары ыраста лганда».

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 38-беренесине ылайык шайлоочулардын добуштарын сатып алуу добуш берүүнү даярдоо жана өткөрүү мезгилинде шайлоочулардын өз эркин билдирүүгө таасир эткен бузууларга кирет жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын анык эмес деп таануу негиз болот.

Ыкчам чара көрүүчү координациялык топтун, Ош аймактык шайлоо комиссиясынын, Ош шаарынын ички иштер башкы башкармалыгынын тергөө кызматынын маалыматтарын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясы «Бир Бол» саясий партиясынан талапкер С.З. Патидинов тарабынан бузуулар жана «Биздин Кыргызстан» саясий партиясынан талапкер жана өкүлдөр тарабынан шайлоочулардын добуштарын сатып алууга алып келген мыйзамдары бир нече ирет (системалуу) бузуулар болгондугун белгилейт.

Саясий партиялардын өкүлдөрү жана айрым талапкерлери тарабынан мыйзамдарды одоно бузуулар жөнүндө укук коргоо органдарынан жазуу жүзүндөгү тастыктамаларды алгандыгына карабастан, Ош аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан айрым талапкерлерге ошондой эле саясий партиялардын талапкерлеринин тизмелерине конституциялык-укуктук жоопкерчилик чаралары колдонулган эмес.

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 2-бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык *«Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоо мыйзамдарында каралган учурларда жана тартипте, талапкерди, талапкерлердин тизмелерин, демилгечи топторду каттоону жокко чыгарууга укуктуу».*

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2016-жылдын 31-октябрындагы №183 токтому менен бекитилген «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо шайлоо комиссиялары тарабынан добуш берүүнү уюштуруу жана өткөрүү, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо жөнүндө» Жобонун 5.11-пунктунун үчүнчү абзацына ылайык «Шайлоо мыйзамдарын бузуу аныкталгандыгынын натыйжасында добуш берүү күнүнөн кийин саясий партиянын талапкерлеринин тизмесин каттоо жокко чыгарылган учурда, ошол саясий партия үчүн добуш берилген шайлоо бюллетендери анык эмес деп таанылат».

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 39, 38, 40, 44, 51, 56-1-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. «Бир Бол» саясий партиясынан Ош шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкер С.З.Патидиновдун каттоосу жокко чыгарылсын.

2. «Биздин Кыргызстан» саясий партиясынын Ош шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин тизмесинин каттоосу жокко чыгарылсын (пункт жокко чыгарылган).

3. «Биздин Кыргызстан» саясий партиясы боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары анык эмес деп таанылсын (пункт жокко чыгарылган).

4. 2021-жылдын 15-июлундагы Ош шаардык кеңешинин депутаттарын кайталап шайлоонун натыйжалары жөнүндө Ош аймактык шайлоо комиссиясынын протоколу ушул токтомдун 1, 2, 3-пункттарын эсепке алуу менен бекитилсин.

5. Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

6. Бул токтомдун көчүрмөсү Ош аймактык шайлоо комиссиясына жана Ош шаардык кеңешине жөнөтүлсүн.

7. Ош аймактык шайлоо комиссиясы кайталап шайлоонун натыйжалары жарыяланган дан кийин 3 күндүк мөөнөттө шайланган жергиликтүү кеңештердин депутаттарын каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү, төш белгилерди тапшырсын.

8. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У.Шайназаровго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2021-жылдын 26-июлу, №636

Бишкек шаарынын Административдик Сотунун 2021-жылдын 28-июлундагы чечими менен КР БШКнын 2021-жылдын 26-июлундагы №636 токтомунун 2 жана 3-пункттары жокко чыгарылган.

Жогорку Соттун 2021-жылдын 30-июлундагы чечими менен Бишкек шаарынын Административдик соттун чечими күчүндө калтырылган.

Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 26-июлундагы №636 токтому менен бекитилген Ош аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 15-июлундагы протоколу менен Ош облусунун Ош шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоо натыйжалары «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 56-1-беренесинин негизинде төмөнкүдөй аныкталган:

Ош шаардык кеңеши

	Ош шаардык кеңеш боюнча бардыгы
1. Шайлоо участкаларында шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны	150292
2. Шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын жалпы саны	65469
3. Жарактуу шайлоо бюллетендердин саны	64648
4. Жараксыз шайлоо бюллетендеринин саны	821

№	Саясий партиянын аталышы	Талапкерлердин тизмесине берилген шайлоочулардын добуштарынын саны	%	Мандаттын саны	Шайланган депутаттын фамилиясы, аты, атасынын аты
1	«АТА-ЖУРТ КЫРГЫЗСТАН» саясий партиясы	25 475	38,91	19	1. Сулайманов Эльдар Нурланович 2. Джусупов Мелис Ромидинович 3. Кулдышева Гулсара Кенжеевна 4. Маматов Мирбек Акжигитович 5. Атабаев Мирлан Даниярбекович 6. Исамова Хулкар Анваровна 7. Эргешов Бекмурза Аскарбаевич 8. Арзибаев Бекболот Осконбаевич 9. Турсунбаева Бахтиярхан Нематжановна 10. Мырзабеков Медербек Мамасабирович 11. Исмаилов Нурбек Даткабаевич 12. Абдибаева Дамира Рысбековна 13. Сайфуллаев Жохонгир Хурсанович 14. Назылбеков Салман Сатыгулович 15. Караева Айгуля Адилбековна 16. Толубаев Замирбек Бостонбаевич 17. Кокочоров Долатбек Курманбекович 18. Акматова Уларкан Жидебаевна 19. Зайнидинов Алтынбек Талипжанович
2	«БИЗДИН КЫРГЫЗСТАН» саясий партиясы	21 216	32,41	15	1. Эркин уулу Арстанбек 2. Нуранов Шайырбек Шерматович 3. Алмазбек кызы Назима 4. Папишов Канат Муратович 5. Каналиев Улан Касымович 6. Кадырбек кызы Нуркыз 7. Турдуев Ильяз Эрмекович 8. Усонов Бексултан Нурланович 9. Раимбердиева Аида 10. Эркинбаев Афтандил Ташполотович 11. Мамашов Канжарбек Асилбекович 12. Ашимжан кызы Айпери 13. Айтбаев Арыпбек Кочконович 14. Абдрахманов Илияз Жанибекович 15. Манап кызы Айжана
3	«УЛУТТАР БИРИМДИГИ ЭЛДИК ПАРТИЯСЫ» саясий партиясы	10 152	15,51	7	1. Аккулов Абдижапар Уримович 2. Ахмаджанов Хашим Абдухакимович 3. Самиева Нурила Камиловна 4. Маматкулов Максатбек Борубаевич 5. Абдуллаев Данияр Аманович 6. Жоошбаева Роза Каныбековна 7. Мурзахмедов Нурлан Жеңишбекович
4	«БИР БОЛ» саясий партиясы	5 139	7,85	4	1. Арзиев Эсенбек Маматкаримович 2. Каримов Нурислом Абдунабиевич 3. Салиева Айгуль Абдижалиловна 4. Шайиев Кушбак Искендерович
5	**«Талапкерлердин бардык тизмелерине каршы»** позициясы үчүн берилген шайлоочулардын добуштарынын саны	765	1,17		

Ош аймактык шайлоо комиссиясынын протоколунун негизинде Ош шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоо натыйжалары аныкталган маалыматтары, КР БШКсынын расмий сайтына, www.newess.shailoo.gov.kg (бөлүмдөр – «Жергиликтүү кеңештерге шайлоолор» дарегине жарыяланган.

Камкордук

Кыргызпатент жана “Курак” Айымдар Форуму”

КРнын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин (Кыргызпатенттин) директору Динара Молдошева жана “Курак” Айымдар Форуму” коомдук бирикмесинин башкармалыгынын төрайымы Айнура Сагынбаева кызматташтык жөнүндө Меморандумга кол коюшту.

Жолугушууга Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фондунун аткаруучу директору Жоодарбек Жумабаев, Мамлекеттик патенттик-техникалык китепкананын директорунун орун басары Касиет Качаганова жана “Курак” Айымдар Форуму” коомдук бирикмесинин аткаруучу директору Нуржан Азимовалар катышты.

Жыйындын жүрүшүндө тараптар Кыргыз Республикасындагы аялдардын ишкердигин, ишканалардын интеллектуалдык менчик жана инновациялык активдүүлүгүн өнүктүрүү жаатында эки тараптуу кызматташуунун актуалдуу темаларын талкуулашты.

Динара Молдошева Кыргызпатенттин интеллектуалдык менчик жана инновациялар чөйрөсүндө жүргүзүлүп жаткан иш-аракеттери, долбоорлору: “StartUp Kyrgyzstan” республикалык сынагы, өлкөнүн ЖОЖдорунда бизнес-инкубаторлорду түзүү, STEAM билим берүүнү өнүктүрүү, Кыргыз Республикасында креативдүү индустрияны өнүктүрүү боюнча иш-аракеттер тууралуу айтып берди.

Ошондой эле, Кыргызпатенттин директору новаторлор жана стартапчылар үчүн идеяларды бизнеске айландыруу боюнча ар түрдүү кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштаган жана “Бирдиктүү терезе” принцибинде иштей турган Кыргызпатенттин инновациялык борборун ачуу боюнча долбоордун үстүндө иштеп жаткандыгын белгиледи.

Инновациялык борбор заманбап жабдуулар менен камсыздалып, чоң коференциялык зал, коворкинг үчүн заманбап аянтча, мындан сырткары көп функцияналдуу инновациялык лаборатория менен жабдылат.

Өз кезегинде Айнура Сагынбаева “Курак” Айымдар Форуму” коомдук бирикмеси тарабынан ишке ашып жаткан долбоорлор менен таныштырды.

Аталган эки тараптуу келишимдин негизинде тараптар аялдар арасында инновациялык ишкердикти жайылтуу жана таратуу, инновациялык ишкердикти өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү, шыктандыруу жана “StartUp Kyrgyzstan” республикалык сынагын өткөрүү жана уюштуруу боюнча иш алып барат.

Жазгүл КАРБОСОВА

Татыктуу талапкер

УЛУТТУК АДАБИЯТТЫ ОКУТУУ МАСЕЛЕСИН ТУУРА ЧЕЧҮҮ ЖОЛДОРУН ИЗДЕГЕН АДИСТИ ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН МҮЧӨ-КОРРЕСПОНДЕНТТИГИНЕ СУНУШТАЙБЫЗ

Кыргыз адабиятын орто жана жогорку окуу жайларында окутуу маселеси азыр улуттук билим берүүдө маанилүү орунда турганы менен бул багытта эмгектенген адистер аз эле. Жалпы республикалык мааниде абдан актуалдуу көрүнгөнү менен ага өз алдынча көңүл буруу маселеси башкы орунга чыга элек. Анын объективдүү себептери көп. Алардын бири кыргыз эли азыркы учурда көчмөн цивилизациянын мураскору катары таанымал болсо да, ошол уюткулуу маданиятты толук бойдон сактап келген көркөм-адабий чыгармачылыктын уникалдуу табиятын кийинки муунга жеткирүү боюнча концепциянын жеткиликтүү иштеле электиги. Билим берүүдө бул проблеманы чечүү бир нече багытта жүргүзүлгөн иштер менен ишке аша турганы белгилүү экендиги талашсыз. Маселен алардын бири аны улуттук мааниде таанып-билүүгө мүмкүн болгон объекти катары кабылдап, илимий-изилдөө жумуштарынын башын бириктирген илимдер академиясында Кыргыз Республикасында педагогика илимдердин бардык түрүнүн өнүгүүсү үчүн институт ачуу зарылдыгы мындан ондогон жылдар мурда көтөрүлсө да, ушул мезгилге чейин орундалбай келет. Ырас, айрым адамдар өзүнчө Билим берүү академиясы бар эмеспи деши мүмкүн, бирок ал мамлекеттик мекеме орто мектепке тиешелүү окуу пландарын талкуулоо, окуу китептерин чыгаруу менен алектенип, кийинки муунга системалуу билим жана тарбия берүү жумуштарынын педагогикалык философиясын аңдаштыруу иштери колго алынбай жатат.

Жалпы адамзаттык чен-өлчөмдөр менен караганда өлкөдө бардык илимдер өз деңгээлинде өнүгүп жаткандай болгону менен анын улуттук белгилерди ичине алып өнүгүүсүнө келгенде кайсы илимди албайлы кескин начарлап баратканы байкалат. Ал өзгөчө улуттук мүнөз күткөн, кийинки муундун идентүүлүгүн сактап, кыргыздын «этно» деген түшүнүктөрүнө тиешелүү профессионалдык касиеттерине аныктоо шарттарында даана көрүнөт. Буга өз учурунда маани берилбей келе жаткандыктан, жарандык коомго жаңы кошулган муунда өзүн кыргыз катары сезүү, бардык коомдук-турмуштук маселелерге кыргыз катары мамиле этүү, мамлекеттин саясатын ушул өңүттөн карап, келечекте Кыргызстан аттуу республиканын кылымдап жашоосуна өбөлгө болуучу атуулдук-нравалык критерийлер менен үйдө, социалдык чөйрөдө, кадимки турмуштук алака-катышта, салттык-пендечилик мамилелерде, анан барып өз өлкөсүнүн мекенчил уул-кыздары болуп жетилишине негиз болуучу демократиялык-укуктук нормативдерде этнопсихологиялык жактан кароо маселеси чечилбей турат.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында өзүбүздөн кийинки муунду кыргыз жана Кыргызстандык кылып бат эле окутуп-тарбиялап алчудай ойлогонбуз. Бирок, улам убакыт өткөн сайын алардын арасында эли-жерин сүйгөн жаштарга караганда аны жээрип, өнүккөн-өнүкпөгөн чет өлкөлөрдүн бирине кетүүгө куштар болгондор кескин көбөйдү. Буга ошол улан-кыздар эмес, аларга атуулдук таалим-тарбия бере албаган биздин билим берүү системабыз күнөөлүү экени талашсыз. Негизинен азыркы дүйнөлүк билим берүүдөн арта калбай, өнүккөн өлкөлөрдүн катарында турмуш-тиричилик кечирүү максатында жаштарды окутуп-тарбиялоо жумуштарын Батыштан көчүрүп келе баштаган соңку жылдары кыргыздын билимге болгон мамилеси өзгөрүп, анын натыйжасында тээ байыртан бери туу тутуп келаткан руханий-адептик түшүнүктөрдү тана баштаган урпактар көбөйдү. Эгер ушул багытта кете берсек, анда биздин улуттук педагогика чейрек кылымдан кийин кандай абалда болушу мүмкүн деген түшүнүк алдыга ой жүгүрткөн кимди болбосун кыжаалат кылбай койбойт. Ичкериден караганда бул терең маани берүү менен мамиле кылууга тийиш маселе катары жарандык коомчулуктун негизги көңүлүн буруу деңгээлине ээ болуп калган вазыйпага айланып, эне тилинде илимий-теориялык ишмердүүлүгүн жүргүзө албаган жаштарга атабабасы колдонуп келген кадимки кыргыз тилинде жазма текст түзүү жолдорун үйрөтүүгө багыт алышы керектигин ачык эле көрсөтүүдө.

Аны азыр коомчулукка активдүү аралашып жаткан илимдер өз алдынча ишке ашыра албастыгын реалдуу турмуш чындыгы айкындады. Анткени, тигил же бул илимди «кыргызча сүйлөтүү» иштерине өтө татаал жумуш болгондуктан, ага атуулдук мамиле кылуу менен бардык аракетин жумшаган адистер улам жыл өткөн сайын суюлуп барат. Көпчүлүк эл бул проблеманы ар түрдүү жагдайда түшүндүрүшсө да, баарыга белгилүү чындык кыргыз тили оозеки кептин өнүкпөгөн куралы катары жарандык чөйрөдө пайдаланылып жаткананын ачык көрүнөт. Проблема бүгүн эле белгилүү болуп жаткан жок. Анын өзөгү өткөн доорго барып такалат. Ички мазмуну боюнча тез эле чечиле калчудай болгон бул маселенин тамыры жыл өткөн сайын тереңдеп, аны коомдук-саясий маанисин ачуу менен бирге улуттук билим берүүчү философиясын жалпы илимий чөйрөнүн жапырт аракетинде ишке ашырбаса өз натыйжасын бербестиги учурда белгилүү болуп калды. Айрым адистер ким кааласа эле түзө койчудай көрүнгөн кыргыз тилинде илимий-кесиптик жазма текстторди тармактар боюнча жүзөгө ашыруу татаал проблемалар менен коштолуп, аны сапаттуу жасоо жумуштарын орто жана жогорку окуу жайларда үзгүлтүксүз окутуу керектигин ачыктады. Көпчүлүккө анча байкала бербегени менен аны ар бир жаранга үйрөтүү улуттук педагогикада кыргыз тили жана адабиятын окутуу маселелери менен түздөн-түз байланышта келип, биринчи кезекте кыргыз эли оозеки адабиятында калтырган сөз байлыгын тил каражаты катары кабылдап, бардык илим-билимди таанып-билүүнүн булагындай билдирүү жагын күн тартибине алып чыгат.

Эгемендүү өлкө катарында чейрек кылымдан ашуун жашоо кечирсек да бул проблема мамлекеттик жетекчилер менен илимий чөйрөнүн көңүлүн бура элек. Ага мисал өлкөнүн билим берүүсүнө укуктук да, адеп-ахлактык да баа берүүчү улуттук педагогика Улуттук илимдер академиясында өзүнчө тармак катары киргизилген эмес. Кыргызстан өзүнчө уникалдуу маданияты, кайталангыс тарыхый мурастары, адабий дөөлөттөрү бар эл экендиги белгилүү болсо да, аны заман талабына ылайык өзгөртүп, кийинки муунга окутуу жолдоруна мыйзамдык-нравалык баа берүүчү бөлүмдү улуттук илимдер академиясынын базасында түзүү зарылдыгы көп жылдардан бери эле белгилүү болсо да, проблеманы чечүү жагы ушул мезгилге чейин карала элек. Илимий чөйрө бул маселеге мындан бир нече жыл мурда эле пикирин билдирип, анын актуалдуулугуна коомчулуктун көңүлүн бурушу керек болсо да, бул багыттагы жумуштар жаңыдан гана козголуп жатат. Биз аны Назаркул Ишекеевдин Улуттук илимдер академиясындагы мүчө-корреспонденттик орунга кандидатурасынын көрсөтүлүшү менен байланыштырабыз. Педагогика илимдеринин доктору, профессор Н.Ишекеевдин бул орунга келиши ушул тармакта топтолгон бир катар маселелердин туура чечилишине жол ачат эле. Тактап айтканда, ал мамлекеттин алкагында түзүлгөн кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун жалпы жана конкреттүү маселелерин жакшы билет. Расмий бийлик менен кызматташуунун бардык түрүндө буга чейин иш алып барып келгендиктен, Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти катары илимий коомчулукка аталган тармактын проблемаларын көтөрүүгө Н.Ишекеевдин инсандык да, окумуштуулук да мүмкүнчүлүгү жетет. Б.а. кылымдап түптөлгөн кыргыз адабиятын кийинки муунга жеткирүүдө заманбап окутуу методикасын колдонуу дүйнөлүк адабий берүү процесске жаңыдан аралашкан кыргыз адабиятын, кыргыз элине мүнөздүү көркөм-эстетикалык табылгаларды көчмөн маданиятка таандык уникалдуу адабий дөөлөттөрдү окутуунун илимий-практикалык негиздери менен окуучуга жеткирүү мектепте адабий чыгармаларды талдоонун жаңы методдорун пайдалануу карата түзүлгөн муктаждыктарды чечүү жолдорун илимий чөйрөдө сунуштай алат.

Кыргыз педагогикалык коомчулугу Н.Ишекеевди 1980-жылдардан бери билет. Ал Кыргыз мамлекеттик университеттин кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун методикасы кафедрасынын окутуучусу болуп иштегенден тартып бул багыттагы көз карашын жаңычыл концептуалдуу ойлор менен өнүктүрүп, «кыргыз адабиятын окутуунун методикасы» деген педагогика илимдеринин бир багытына негиз салуучулардын бири катары таанымал. Азыркы учурда жаштар арасында көркөм-эстетикалык ой жүгүртүү төмөндөп, кыргыз тили жана адабиятын орто жана жогорку окуу жайларында окутууда бир катар проблемалар көтөрүлүп, практик педагогдорго академиялык илимден колдоо керек болуп жаткан маалда Н.Ишекеев мындай вазыйпаны башкаларга салыштырмалуу жакшы аткармак. Анткени, жеке улутка мүнөздүү салттуу нравалык түшүнүктөрдүн технологиялык доордон ордун «таап», кандай педагогикалык-психологиялык шарттарда окутуу бүгүнкү күндүн талабына туура келээри боюнча академиялык илимий концепциясын түзүү зарылдыгы турган маалда анын Улуттук илимдер академиясына мүчө-корреспонденти катары шайланышы илимий коомчулукта объективдүү чечим болмок. Бул ойлорду туура кабылдоо менен педагогикалык коомчулуктун мындай пикирин академиянын акылман окумуштуулары акыйкат добуш берет деген ойдобуз.

Б.АКМАТОВ,
К.Карасаев атындагы БМУнун кыргыз адабияты кафедрасынын башчысы, п.и.д., профессор

АГЕНТСТВО РАЗВИТИЯ И ИНВЕСТИРОВАНИЯ СООБЩЕСТВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ПРОЕКТ УСТОЙЧИВОГО РАЗВИТИЯ СЕЛЬСКОГО ВОДОСНАБЖЕНИЯ И САНИТАРИИ

ОБЪЯВЛЯЕТ ТЕНДЕР НА ПОСТАВКУ ЭиТО ОБОРУДОВАНИЯ

Заинтересованные компании или лица могут приобрести полный комплект документов после регистрации на сайте АРИС.

Конкурсные предложения должны быть доставлены в указанный офис ниже не позднее **18 августа 2021 года, 11.00** (местное время).

Дополнительную информацию по содержанию можно получить на сайте **www.aris.kg** или по нижеуказанному адресу, в рабочие дни **с 9.00 до 18.00 часов.**

Адрес: 720040, Кыргызская Республика,
г. Бишкек, ул. Боконбаева, 102, 11 каб.,
тел.: + 996 (312) 62-07-52, 30-18-05 (153),
факс: + 996 (312) 62-47-48,
E-mail: zakupki@aris.kg

ПССИ г.КАРА-КУЛЬ

объявляет первичные публичные торги по реализации:

1. Легковой автомобиль ВАЗ-21063 №1269 ДА, 1990 г. выпуска 67 000 сом.
2. Легковой автомобиль УАЗ-2206 №1638 ДА, 1998 г. выпуска 115 000 сом.
3. Грузовой автомобиль МАЗ-5335 №213 ДК, 1986 г. выпуска 355 000 сом.
4. Автобус КАВЗ 685 №205 ДК 1982 г.выпуска – 51 000 с.
5. Грузовой автомобиль Камаз 5410 №247 ДК 1986 г. выпуска 247 000 сом.
6. Полуприцеп ОдАЗ 9370 №0005 ДКР 1986 г. - 161 000 с.
7. Грузовой автомобиль ГАЗ 53 А 250 ДК 1984 г. выпуска 73 000 сом.
8. Микроавтобус Мерседес-Бенц 410 №0442 ДК 1989 г. выпуска 76 000 сом.
9. Автобус Драгмюллер №0482 ДК 1986 г. выпуска 1 842 000 сом.
10. Прицеп Грок-GR 02-49DAP 1988 г. выпуска 167 000 сом.

Торги состоятся **10 сентября 2021 года** в **10.00 часов** в здании **ПССИ г.Кара-Куль по ул.Чаргынова, 17.** Покупная цена должна быть внесена не позднее 7 дневного срока после торгов на деп. счет **ПССИ г.Кара-Куль 4408102100000190, БИК 440001.**

За справками обращаться в **ПССИ г.Кара-Куль** или по **тел.: (03746) 5-27-38, (0550) 19-12-70.**

Ст.судебный исполнитель
ПССИ г.Кара-Куль: **М.МОЛОШОВ**

Д-26

ОАО «Кыргызэнергострой»

СООБЩЕНИЕ О СУЩЕСТВЕННОМ ФАКТЕ

Открытое акционерное общество «Кыргызэнергострой» сообщает о том, что Совет директоров на заседании, состоявшемся **30 июля 2021 года** по адресу: **Чуйская область, Сокулукский район, с. Селекционное, ул. Циолковского, 86,** принял решение избрать директором **Дайырова Азамата Эмиловича с 01.08.2021 г**.

Н-269

ГОСУДАРСТВЕННЫЙ КОМИТЕТ ПО ЭКОЛОГИИ И КЛИМАТУ

Приняты на работу:

Уметов У.С. – главный специалист внутреннего аудита;
Рысбекова А.Т. – специалист отдела природопользования;
Акпаралиев Д. – ведущий специалист отдела природопользования.

объявляет набор на вакантные административные должности:

- НАЧАЛЬНИК ОРГАНИЗАЦИОННОГО УПРАВЛЕНИЯ с требованиями к квалификации: высшее профильное образование, стаж работы на руководящих должностях не менее 5 лет.

- ЗАМЕСТИТЕЛЬ НАЧАЛЬНИКА ТЕРРИТОРИАЛЬНОГО УПРАВЛЕНИЯ с требованиями к квалификации: высшее образование по профилю работы, стаж работы на руководящих должностях не менее 3-х лет или в предметной области не менее 5 лет.

- ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛОМ/СЕКТОРОМ В ТЕРРИТОРИАЛЬНЫХ УПРАВЛЕНИЯХ ГКЭК с требованиями к квалификации: высшее профильное образование, стаж работы на руководящих должностях не менее 3-х лет или в предметной области не менее 5 лет.

Для участия в конкурсе необходимо предоставить копии: диплома, паспорта и трудовой книжки.

Документы принимаются в срок до **10.00 часов 9 августа 2021 года** по адресу: **г. Бишкек, ул. Горького, 142. По всем вопросам обращаться по телефону: (0550) 98-79-97.**

АГЕНТСТВО РАЗВИТИЯ И ИНВЕСТИРОВАНИЯ СООБЩЕСТВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ПРИГЛАШЕНИЕ К УЧАСТИЮ В ТОРГАХ

Дата: 3 августа 2021 года
Номер контракта: IDA-SRWSSDP-G-2021-1-RT-1

Наименование финансирования: Кредит №60880-KG; Грант №D2040-KG

«ПРОЕКТ УСТОЙЧИВОГО РАЗВИТИЯ СЕЛЬСКОГО ВОДОСНАБЖЕНИЯ И САНИТАРИИ-ДОПОЛНИТЕЛЬНОЕ ФИНАНСИРОВАНИЕ (ПУРСВС-Доп. фин.)»

1. Представленные в рамках указанного Проекта в распоряжение Кыргызской Республики средства будут использованы на приемлемые выплаты по Контракту на поставку:

ЛАБОРАТОРНОГО ОБОРУДОВАНИЯ (2 ЛОТА)

2. Агентство развития и инвестирования сообществ (АРИС) от лица айыл окмоту и СЭС Ошской, Чуйской и Иссык-Кульской областей приглашает участников подать запечатанные конкурсные предложения на поставку:

ЛАБОРАТОРНОГО ОБОРУДОВАНИЯ (2 ЛОТА)

Валютой Конкурсного предложения является **Кыргызский сом.**

3. Заинтересованные участники могут получить дополнительную информацию и ознакомиться с тендерной документацией в офисе Агентства развития и инвестирования сообществ по следующему адресу: **Кыргызская Республика, г. Бишкек, ул. Боконбаева, 102, отдел закупок, тел: +996(312) 62-07-52, fax: +996(312) 62-47-48, e-mail: zakupki@aris.kg,** или на сайте: **www.aris.kg**

4. Полный комплект документов по подпроекту в электронном виде можно будет получить после регистрации на официальном сайте АРИС: **www.aris.kg**

5. Конкурсные предложения должны быть доставлены в вышеуказанный офис **не позднее 2 сентября 2021 года, 11.00** (местное время) и должны оставаться в силе в течении **90 дней** после вскрытия. Залоговое обеспечение Конкурсного предложения не требуется, однако требуется предоставление Декларации гарантийного обеспечения конкурсного предложения. Участник торгов, отзывающий или изменяющий свое Конкурсное предложение после вскрытия конкурсных предложений до истечения срока его действия, или не подписавший контракт, в случае его присуждения, или не предоставивший гарантию выполнения контракта к сроку, указанному в тендерной документации, автоматически не допускается к участию в тендерах в рамках проектов реализуемых АРИС сроком на два года.

Все предложения, полученные по истечении срока подачи предложений, будут отклонены и возвращаются не распечатанными.

6. Конкурсные предложения будут вскрыты в присутствии участников, пожелавших присутствовать, **2 сентября 2021 года, 11.00** (местное время) в офисе Агентства развития и инвестирования сообществ по адресу: **Кыргызская Республика, г.Бишкек, ул. Боконбаева, 102, конференц-зал.**

ОАО «Евразийский Сберегательный Банк»

г. Бишкек, ул.Ибраимова, 40/1, ИНН 02903199310045, ОКПО 20205649

НАСТОЯЩИМ УВЕДОМЛЯЕТ О СУЩЕСТВЕННОМ ФАКТЕ:

24 июля 2021 года проведены зачисления ценных бумаг на лицевой счет **ЗАО «Центральный Депозитарий» от Sabiedriba ar ierobezotu atbildibu «Stylus» KG0101104014-517218 ЦБ, KG0102104013-114849 ЦБ, KG0103104012-257353 ЦБ, KG0106104019-88736 ЦБ, KG0107104018-435328 ЦБ,** Итого: **1 413 484.** Общей ном.стоимости **28 269 680 сом,** доля в Уставном капитале **9,42%.**

28 июля 2021 года проведены зачисления ценных бумаг на лицевой счет **Асановой Алтынай Талгатовны** от **ЗАО «Центральный Депозитарий» KG0101104014-517218 ЦБ, KG0102104013-114849 ЦБ, KG0103104012-257353 ЦБ, KG0106104019-88736 ЦБ, KG0107104018-435328 ЦБ,** Итого: **1 413 484.** Общей ном.стоимости **28 269 680 сом,** доля в Уставном капитале **9,42%.**

С-233

ОАО «Евразийский Сберегательный Банк»

г. Бишкек, ул.Ибраимова, 40/1, ИНН 02903199310045, ОКПО 20205649

НАСТОЯЩИМ УВЕДОМЛЯЕТ О СУЩЕСТВЕННОМ ФАКТЕ:

24 июля 2021 года проведены зачисления ценных бумаг на лицевой счет **ЗАО «Центральный Депозитарий» от Терещенко Алексея Юрьевича KG0105104010-265000 ЦБ, KG0107104018-170145 ЦБ,** Итого: **435 145.** Общей ном.стоимости **8 702 900 сом,** доля в Уставном капитале **2,9%.**

28 июля 2021 года проведены зачисления ценных бумаг на лицевой счет **Мухамеджановой Мадины Ахмагамбетовны** от **ЗАО «Центральный Депозитарий» KG0105104010-265000 ЦБ, KG0107104018-170145 ЦБ,** Итого: **435 145.** Общей ном.стоимости **8 702 900 сом,** доля в Уставном капитале **2,9%.**

С-233

ЖОГОЛДУ

УТЕРЯ

В связи с утерей гос. акта серия ЧN№1034326, технического паспорта и договра купли-продажи на имя Караева Данилбека Шермаматовича считать недействительным.

Н-270

Жанабилова Батмабүбү Жанузаковнага тиешелүү 16.03.2012-жылы берилген мамлекеттик акт ЧN№380935 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-268

В связи с утерей свидетельства о праве частной собственности на земельный участок №0046601 на имя Бектурган уулу Руслан считать недействительным.

Н-267

Бишкекский филиал ГУ «Кадастр» просит считать недействительным государственный акт о праве частной собственности на земельный участок серии Ч №316611.

С/О-160

Өзгөн району, Жылалды айылынын Т.Абдыллаев көчөсүнүн тургуну Адыкадыр уулу Жакшылыкка таандык жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акты серия ЧN№734547, ИНН 5-06-06-0004-0156 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-568

ОсДО Ломбард «Камышай»

объявляет о своем закрытии. Претензии принимаются в течение двух месяцев по тел.: (0700) 34-38-71, код ОКПО 21334739, ИНН 00404199610088.

Н-271

В связи с утерей свидетельства о праве частной собственности на земельный участок (зем. долю) №0075253 от 22.02.2007 г., договор купли продажи №480 от 09.03.2007 г. и Типовой договор №1189 от 24.04.2008 г. и свидетельства о праве частной собственности на земельную долю №017141 от 26.02.2007 г. на имя Дирксен Виктор Петровича считать недействительными.

Н-272

В связи с утерей гос. акта ЧN№386539 на имя Тобокел кызы Каухар считать недействительным.

Н-273

Коллектив Бишкекского филиала Государственного учреждения «Кадастр» выражает искренние соболезнования директору БФГУ «Кадастр» Берикбаеву Болотбеку Жумагуловичу в связи с безвременной кончиной родного брата **Берикбаева Асанказы Жумагуловича.**

С/О-160

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

автоунааны сатуу боюнча ачык тоорук (аукцион) өткөрөт:

№	Автоунаа	Баштапкы сатуу баасы, сом менен	Кепилдик төлөм 5%, сом менен
1	Тойота Ленд Круизер 100, брондолгон, 2006-жылы чыгарылган	1 668 800	83 440

Тоорук (аукцион) өткөрүү күнү: **2021-жылдын 6-сентябры саат 15.00.**

Төлөө формасы: **нак жана нак эмес эсептешүү.**

Тоорук өткөрүлүүчү дарек: **Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101.**

Билдирмелер кепилдик төгүмдү төлөө менен **2021-жылдын 3-сентябрында саат 17.00гө чейин** кабыл алынат.

Тоорукка катышуу үчүн **5%** өлчөмдө кепилдик төгүмдү **1013930100000771, БИК 101001** эсептешүү эсебине төлөө керек.

Бардык каалоочуларга **2021-жылдын 9-августунан тартып 20-августуна чейин** ачык эшик күндөрүндө автоунааны карап чыгууга болот жана билдирме формасын **2021-жылдын 4-августунан тартып 3-сентябрына** чейин **Бишкек шаары, Т. Үмөталиев атындагы көчө, 101** дареги боюнча саат **9.00-17.00гө чейин** алууга болот.

Сатуучунун дареги жана телефон номери:
Бишкек шаары, Т. Үмөталиев атындагы көчө, 101,
тел.: +996 (312) 66-91-52; +996 (312) 66-91-53,
электрондук почта: sale@nbkr.kg.

УВАЖАЕМЫЕ АКЦИОНЕРЫ!

ОАО «ЦУМ-Холдинг»

уведомляет о проведении внеочередного общего собрания акционеров, которое состоится
***23 августа 2021 г. в 15.00 часов** по адресу:*
г.Бишкек, пр.Чуй, 155, конференц-зал (6 этаж).

День составления списка акционеров, имеющих право на участие в собрании **30 июля 2021 г.**

ПОВЕСТКА ДНЯ:

1. Утверждение состава счетной комиссии;
2. Об отмене перерегистрации ОАО «ЦУМ-Холдинг;
3. Утверждение аудиторской организации и размера оплаты услуг.

Начало регистрации **в 14.00 ч. 23 августа 2021 г.**
Окончание регистрации **в 15.00 ч.**

Участвовать в работе собрания акционеры могут лично или через уполномоченного представителя по доверенности, оформленной в соответствии с требованиями законодательства КР.

С материалами собрания можно ознакомиться у секретаря Общества по адресу: **г.Бишкек, пр.Чуй, 155, ОАО «ЦУМ «Айчурек» в каб.601.**

Справки по телефонам: **90-99-40.**

УРМАТТУУ АКЦИОНЕРЛЕР!

«ЦУМ-Холдинг» ААК

***2021-жылдын баш оона айынын 23үндө саат 15.00дө Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 155, конференц-зал (6-кабат)** дарегинде акционерлердин кезексиз жалпы чогулушу өтөөрүн маалымдайт.*

Чогулушка катышууга укугу бар акционерлердин тизмесин түзүү күнү – **2021-жылдын теке айынын 30у.**

КҮН ТАРТИБИ:

1. Эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү;
2. "ЦУМ-Холдинг" ААКны кайра регистрациялоону жокко чыгаруу;
3. Аудиторго кызмат акы төлөөнүн жана уюмдун аудиторун бекитүү.

Каттоонун башталышы **2021-жылдын баш оона айынын 23үндө саат 14.00дө.**

Каттоонун аякталышы саат **15.00дө.**

Чогулушка акционер өзү же болбосо КР мыйзамына ылайык таризделген ишеним кат менен өкүлү катышса болот.

Чогулуштун материалдары менен Коомдун секретарынан **Бишкек ш., Чүй проспектиси, 155, «ЦУМ «Айчүрөк» ААК (601-б.)** дареги боюнча таанышса болот.

Маалымат алуу телефондору: **90-99-40.**

Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүүнүн «Дарылоо иши» адистиги боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарын бекитүү жөнүндө

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН

БУЙРУГУ

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 15-сентябрындагы №530 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарына өткөрүп берүү тартиби жөнүндөгү жобону" аткаруу максатында жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы №53 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары жөнүндөгү» жобонун 5-пунктуна ылайык **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүүнүн «Дарылоо иши» адистиги боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Ушул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып 7 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.
3. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Кесиптик билим берүү башкармалыгына (Г.М. Абылкасымовага) жүктөлсүн.
4. Мамлекеттик укуктук ченемдик актылардын реестрине киргизүү үчүн ушул буйруктун көчүрмөлөрүн укуктук ченемдик акты жарыяланган булакты көрсөтүү менен кагаз жана электрондук булактарда мамлекеттик жана расмий тилдерде Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

Министр **Б.КУПЕШОВ**

Бишкек ш., 2021-жылдын 30-июлу, №1357/1

ПРИКАЗ

МИНИСТЕРСТВА ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

«Об утверждении государственного образовательного стандарта высшего профессионального образования по специальности «Лечебное дело».

Во исполнение постановления Правительства Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Правительства Кыргызской Республики ряду государственных органов исполнительной власти» от 15 сентября 2014 года №530 и в соответствии с пунктом 5 Положения о государственных образовательных стандартах профессионального образования в Кыргызской Республике, утвержденного постановлением Правительства Кыргызской Республики от 3 февраля 2004 года №53, **приказываю:**

1. Утвердить государственный образовательный стандарт высшего профессионального образования по специальности «Лечебное дело» согласно приложению.
2. Настоящий приказ вступает в силу по истечении 7 дней со дня официального опубликования.
3. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на начальника Управления профессионального образования Абылкасымову Г.М.
4. Направить копии приказа на государственном и официальном языках, на бумажном и электронном носителях, с указанием источника опубликования указанного нормативного правового акта в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов.

Министр **Б.КУПЕШОВ**

г.Бишкек, 30 июля 2021 года, №1357/1

Подразделение службы судебных исполнителей города Каракол Иссык-Кульской области

ОБЪЯВЛЯЕТ ПОВТОРНЫЕ ПУБЛИЧНЫЕ ТОРГИ ЗАЛОЖЕННОЕ ИМУЩЕСТВО

Тюкебаева Таланта Мирбековича в виде жилой дом, находящийся по адресу: г.Каракол, ул.Кыдыр-Аке, дом №96 принадлежащий Тюкебаеву Таланту Мирбековичу.

Торги состоятся **03.09.2021 года в 11.00 часов** по адресу: **г.Каракол, ул.Кыдыр-Аке, дом №96,**
со стартовой стоимостью в сумме 1 500 000 (один миллион пятьсот тысяч) сомов.

Лицам, желающим принять участие на торгах необходимо внести гарантийный взнос в размере 5% от стартовой стоимости заложенных имуществ за день до начала торгов на депозитный счет ПССИ города Каракол.

Прием заявок на участие в аукционе заканчивается **02.09.2021** года.

Участник выигравший публичные торги должен не позднее семи дней оплатить полную покупную стоимость имущества, с зачетом суммы задатка, внесенного им до начала аукциона.

При уклонении от подписания протокола или не оплаты покупателем всей причитающейся с него суммы в установленный срок, сумма задатка ему не возвращается.

Организатор торгов вр.и.о. старший судебный исполнитель ПССИ города Каракол **АСАКЕЕВ Ч.Ш.**

За дополнительной справкой обращаться в **ПССИ города Каракол Иссык-Кульской области** по адресу: **г.Каракол, ул.Жамансариева, 136.**

Контактные телефоны: (03922) 5-58-12, 5-57-74, с.тел. (0701) 123-005.

С-122

ОАО «Халык Банк Кыргызстан»

проводит открытый тендер по закупке решений интеграции с информационными системами государственных служб.

Все желающие могут принять участие в открытом неограниченном тендере, подробности на сайте www.halykbank.kg в разделе «О нас» -> «Тендеры».

ЖОГОЛДУ

УТЕРЯ

Куралбаева Миракан Жолдошовнанын наамындагы жер үлүшүнөн пайдалануу укук берүүчү күбөлүгү СN№0113577 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-040

Өзгөн району, Мырза-Арык айылынын тургуну Айткулов Алым Орозматовичке таандык жер үлүшүнөн пайдалануу укук берүүчү күбөлүк Серия КЛ №01258, ИНН 50614-0005-0120 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-180

В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей №0390 от 26.02.1999 г. на имя Сарымсаковой Ракие считать недействительным.

Н-265

Эркин-Тоо
Гезит ээси: КР Министрлер Кабинети

Биздин реквизиттер: р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596 ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

Башкы редактор
АЛЕНОВ
Бахпурбек
Абдыкарович

Кабылдама
62-38-75

Башкы редактордун орун басары
КАРБОСОВА Жазгүл – 62-38-77

Коммерциялык директор
САТЫКУЛОВ Орункул – 62-19-06 факс
Уюлдук тел.: (0705) 11-75-87
(0773) 11-75-87

Жооптуу катчы
ЖУНУСОВ Асан – 62-38-71

Бөлүмдөр:

Саясат жана экономика бөлүмү – 66-22-27
Маданият бөлүмү – 62-18-64
Укук бөлүмү – 62-38-78

Веб-сайт – 62-38-74
Коммерциялык бөлүм – 62-18-66
"Нормативдик актылар" журналы – 62-18-64
Башкы эсепчи – 62-38-73
Компьютердик борбор – 62-38-74

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.

Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.
Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

Биздин дарегибиз:
Бишкек шаары, 720040, Абдумомунов көчөсү, 193.

erkintoo777@mail.ru
erkintoonews@gmail.com

● Юстиция министрлигинен өткөн катталуу күбөлүгүнүн №592

Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.

Индекси: 68451

"Учкун" ААК басмаканасында басылды.
Бишкек ш., С.Ибраимов көчөсү, 24

Буйрутма №750. Нускасы 4263
Басууга 03.08.2021-ж. саат 21.00дө берилди
Сатык келишим баада

Ак эмгеги менен эрезеге жеткен

ТАШТАНБЕК СИЯЕВ ИЗДЕНГИЧ ИЛИМПОЗ, МЭЭНЕТКЕЧ ИНСАН

Үстүбүздөгү жылдын 22-майында Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин ачылганына 25 жыл толсо, 15-июнунда университеттин түптөлүшүнө түздөн-түз салым кошкон педагогика илимдеринин доктору, профессор Таштанбек Моңолдорович Сияевдин туулган күнүнө 60 жыл толду. Тагдыр буюруп, Нарын мамлекеттик университетинде Таштанбек Моңолдорович менен чогуу эмгектенип калдым. Бул жылдарда аталган инсандын өмүр жолу туурасында жакындан билүүгө жакшы мүмкүнчүлүк түзүлдү. Ошондуктан, окумуштуунун өлкөбүздө илимдин өнүгүүсүнө өтөгөн эмгеги туурасында өзүм билген маалыматтарды коомчулук менен бөлүшүүнү туура көрдүм.

Профессор Таштанбек Сияев Кыргыз Республикасынын эң бийик тоолуу районунда – Ат-Башыда төрөлгөн. Мектептеги окуучулук күндөрүндө айылдык китепканадагы китептердин дээрлик бардыгын окуп бүткөнүн, ошондон улам райондук китепкананын жигердүү окурманына айланганын классташтары эскерип жүрүшөт. Ал физика предмети боюнча Нарын облусундагы эң күчтүү окуучу катары таанылган. Анткени, бир нече жылдар удаа мектеп окуучуларынын арасындагы предметтик олимпиаданын республикалык этабында облустун намысын коргоп, дайыма алдыңкы орунду камсыздап турган. Ошол учурда эле айылдык окуучу почта аркылуу Москвадагы М.В.Ломоносов атындагы университет менен кат алышып, алардын берген тапшырмаларын сапаттуу аткарып, натыйжада орто мектепти аяктап жаткан жылы аталган университеттин биология факультетине кабыл алынат. Бирок, СССРдин космонавтика тармагындагы жетишкендиктери каарманыбыздын физика адистигин тандап алуусун шарттайт. Ошентип, Т.М.Сияев окуучу чагында эле өз алдына физика илими боюнча фундаменталдуу изилдөөлөрдү жүргүзүү максатын коёт.

Өткөн кылымдын жетимишинчи жылдарынын соңунда Кыргыз ССРинде билим-илимге ынтызар шыктуу балдарды Россия Федерациясынын чоң шаарларында жайгашкан кадыр-барктуу жогорку окуу жайларга тапшыртуу жакшы жолго коюлган эле. Таштанбек Моңолдорович дагы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде ачылган Новосибирь мамлекеттик университетинин (НМУ) кабыл алуу комиссиясына физика адистигине өз документтерин тапшырат. Белгилүү окумуштуулардан турган экзамендик комиссия алыскы Ат-Башы районунун бүтүрүүчүсүнүн билим деңгээли НМУда окууга татыктуу экенин аныктап, союздук маанидеги ЖОЖдон билим алууга жолдомо беришет. Бирок, каарманыбыз ата-энесинин өтүнүчүн жерге таштабай Кыргыз мамлекеттик университетинин физика факультетинде билим ала баштайт.

1982-жылы КМУнун физика факультетине Москва инженердик-физикалык институтунан окумуштуулар келишип, студенттердин арасында конкурс өткөрүшөт. Алгач бардык каалоочулардан алты жеңүүчүнү аныкташып, аларга сынактын экинчи туруна жолдомо беришет. Өз алдынча илимий изилдөө иштери жогору баага арзыган эки гана студент конкурста ийгиликке жетип, аталган окуу жайдан билимин улантуу бактысына ээ болушат. Ал окуу жайды бүтүп жатканда дипломдук изилдөөсүн СССР Илимдер академиясынын Физика институтунун (ФИАН) эксперименттик базасында жүргүзгөн.

Ал эми эмгек жолу Кыргыз мамлекеттик университетинин физика факультетинде башталган. Адегенде кафедранын лаборанты, андан кийин илимий кызматкер болуп эмгектенет. Кийин конкурстун негизинде К.Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтуна окутуучу болуп кабыл алынат.

Кыргыз айыл чарба институтунун жетекчилиги Т.М.Сияевдин илимий потенциалын баалап, алыскы Молдавияга аспирантурага жолдомо беришет. Ошентип, ошол кездеги металлдарды электр учкуну менен иштетүү боюнча борбор болуп эсептелген Молдавия Илимдер академиясынын прикладдык физика институтунда илимий изилдөө ишмердүүлүгүн улантат. Натыйжада, ал отуз эки жашында техника илимдери боюнча диссертациялык изилдөөсүн ийгиликтүү коргоп, техника илимдеринин кандидаты илимий даражасына ээ болот.

Өткөн кылымдын токсонунчу жылдарында Таштанбек Сияев Билим берүү жана илим министрлигинде жогорку окуу жайларда жүргүзүлгөн илим-изилдөө иштерин координациялаган башкы адис болуп эмгектенет. Ага Нарын облусунда жогорку окуу жай ачуу маселесин, ал жогорку окуу жайдын конфигурациясын, түзүмүн негиздөө вазийпасы жүктөлөт. Натыйжада, 1996-жылы Нарын мамлекеттик университетин ачуу тууралуу мамлекет башчынын Жарлыгы жарыяланат.

Нарын мамлекеттик университети ачылгандан азыркы күнгө чейин Таштанбек Моңолдорович ушул жерде бел чечпей эмгектенип, окуу жайды өнүктүрүүгө болгон күч-кубатын жумшап келет. Ал биринчи проректор, кафедра башчысы жана ректор кызматтарын аткаруу менен Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин түптөлүшүнө жана калыптанышына түздөн-түз салымын кошту.

Т.М.Сияев аталган окуу жайда көп жылдары биринчи проректор болуу менен бирге илимий изилдөө ишмердүүлүгүн жарыш түрдө алып кетип, педагогика илиминде республикалык масштабда педагогикалык эксперименттти жүргүздү.

Т.М.Сияевдин жетекчилиги алдында бир докторлук жана он эки кандидаттык диссертациялар ийгиликтүү корголгон. Анын окуучулары биздин университетте, И.Арабаев атындагы КМУда, Ош мамлекеттик университетинде, Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Орус (Славян) университетинде, Талас мамлекеттик университетинде, Ош технологиялык университетинде ийгиликтүү эмгектенишүүдө.

Т.М.Сияевдин педагогика илимдеринин доктору, профессор, Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти Э. Мамбетакунов менен бирдикте жазылган “Педагогиканын негиздери” аттуу окуу куралы беш ирет кайра басылып, жалпы 15000 нуска менен жарык көргөндүгүн жана аталган окуу куралы 15 жылдан бери республикабыздын жогорку жана орто окуу жайларынын студенттеринин педагогика предмети боюнча колдон түшпөй окулган окуу китебине айланганын белгилей алабыз.

Т.М.Сияев коомдук ишмер катары да жакшы таанымал. Ал эл депутаттарынын Нарын облустук кеңешине жана Нарын шаардык кеңешине эки ирет депутат болуп шайланган. Ошондой эле коомдук турмуштагы активдүү жарандык позициясы үчүн Ат-Башы районунун, Нарын шаарынын жана Нарын облусунун ардактуу атуулу наамына арзыган. Мындан тышкары, анын илимий эмгектери бир топ коомдук институттар тарабынан жогору бааланган. Алсак, Т.М.Сияев Россиянын Эл аралык педагогикалык билим берүү академиясынын (МАНПО) жана Чыңгыз Айтматов атындагы академиянын академиги да болуп саналат.

Адилбек ЖАНТАЕВ,
С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин илим жана өнүктүрүү боюнча проректору, филология илимдеринин доктору, профессордун милдетин аткаруучу

САГЫМБАЙ ОРОЗБАКОВ ТУУРАЛУУ ТАСМА ТАРТЫЛЫП ЖАТАТ

Төлөмүш Океев атындагы «Кыргызфильм» киностудиясы «Сагымбай манасчы» аттуу тасма тартылып жаткандыгын кабарлады. Маалыматта тасманын режиссёру – Эрнест Абдыжапаров, оператору Санжар Абдыжапаров экендиги айтылат. Андыктан, биз режиссёр Эрнест Абдыжапаровго кайрылып, тартылып жаткан тасма тууралуу сурадык.

- Эрнест агай, сиз буга чейин Саякбай Каралаев тууралуу тасма тарткансыз. Жакында Сагымбай Орозбаков тууралуу тасма тартуу иштерин баштап жатыпсыз?

- Ооба. Саякбай Каралаев тууралуу тасма тартылып бүткөндөн кийин эле жакында тартыла турган Сагымбай Орозбаков тууралуу тасманын сценарийин жазууга киришкем. Сценарий былтыр жазылып бүтүп, тартылмак. Бирок, пандемия шартында токтоп калган. Быйыл апрель айында «Кыргызфильм» киностудиясы сценарийди кабыл алган. Тасманы тартуу иштери кечээ 2-августта башталды.

- Орозбаковдун ролун ким ойнойт?

- Актёр Аскат Сулайманов ойнойт. Биз бул тасманы 3 ай аралыгында тартып бүтө алабыз деген ойдобуз.

- Кайсыл аймакта тартасыздар?

- Ысык-Көл облусунда тартылат.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

ОАО «ПТО «КЫРГЫЗТОРГТЕХНИКА»

*сообщает о существенном факте, состоявшемся **29.07.2021 г.,** где на основании Сводного передаточного распоряжения на списание ЦБ зарегистрирована передача простых акций:*

	Было кол-во до передачи, %	Получил кол-во,%	Стало после передачи,%
Каракеев Бакыт Торезович	181543 (28,5554%)	446 (0,0701%)	181989 (28,6255%)

Общее количество простых акций общества – **635 757** шт.
Номер эмиссии – **KG 0102041017.**

Талас облусунун Кара-Буура районуна караштуу Чолпонбай айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан Джолдошев Усубалы Сатылгановичтин жана анын үй-бүлөсүнө тиешелүү болгон 2010-жылдын 12-ноябрь №0023754 жер участогуна (үлүшүнө) жеке менчик укугу жөнүндө күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
П/П-143

В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей №0289 от 26.02.1999 г. на имя Сарымсакова Дженишбека считать недействительным.
Н-265

В связи с утерей гос. акта Ч№067505 на имя Самакова Мирлана Каныбековича считать недействительным.
Н-264

Кадырова Саадат Маматжановнага таандык Жалал-Абад шаарынын Көк-Арт кичирайонунун Проектируемая, н/ж көчөсүндөгү турак жайынын техникалык паспорту жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
Д-26

Шаназаров Каримжан Токтосуновичке таандык Базар-Коргон районунун Сейдикум айыл өкмөтүнө караштуу Турпак-Коргон айылынын Н.Мамарасулов көчөсүндөгү турак жайынын техникалык паспорту жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
Д-26